*Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү иновациялар министирлиги*

*Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министирлиги*
*Академик И.Ахунбаев антындагы Каракол медициналык колледжи*

“БЕКИТЕМИН”

Академик И.Ахунбаев атындагы Каракол

медициналык колледжинин окуу иштери

боюнча директордун орун басары:

Муслимов Р.М________”_”___2024-ж

Манас таануу сабагы боюнча

*Нукта: «Манас» эпосу – руханий жана материалдык маданият энциклопедиясы (категориялары)*

Жалпы билим берүү бирикменин отурумунда каралган

Протокол №__ ___ ___2025-2026ж.

Бирикме башчы: ________

Кыргыз тили жана адабияты сабагынан окутуучусу:_____

# Лекция -1.
# Кыргыз элинин турмушундагы элдик оозеки чыгармачылыктын орду.
# ”Манас” эпосундагы медицина дүйнөсү.

Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн тарыхый жолунда эчен акылмандарды жаратып, алар ар түрдүү темадагы эчен сонун чыгармаларды түзгөндүгүн бизге келип жеткен акылой байлыктары ачык көрсөтүп турат. Бирок, ал алтын байлыктар өткөн заманда жазылып калбаган, бизге алардын айрым түрлөрү гана келип жетти. Кыргыз эли түзгөн акыл-ой байлыктарын калк арасынан жыйноо иши Улуу Октябрь революциясынан кийин гана жүзөгө ашты. Мына ушул жыйналган элдик казнага көз жүгүртүп караганда, эн кичине көлөмдөгү бир-эки ооз сөз табышмактардан жана макал менен ылакаптардан тартып, монументалдуу эпос «Манас» трилогиясына чейин бар экенин көрөбүз. Кайсы акыл-ой мурастарын албайлы, алар бир доордун же бир кылымдын азыгы эмес. Оозеки чыгармалар ооздон-оозго өтүп, эчен муундар тарабынан кылымдан-кылымга жетип, улам өзгөрүүгө учурап дегендей, кеп алымча-кошумчалар менен иштелип чыккан элдик казна болуп саналат. Мына ушул кыйла кылымды кучагына алган акыл-ой байлыктарын изилдөө жумушу да Совет бийлиги тушунда гана жүзөгө ашырылды. Кыргыздын оозеки чыгармачылыгын жыйноо жана изилдөө жөнүндө сөз болгондо — муну Улуу Октябрь Революциясынын жемиши катары карообуз керек. Чындыгында советтик түзүлүш гана кыргыз элинин жазма адабиятынын төрөлүшүнө, анын өнүгүшүнө мүмкүндүк берүү менен бирге, кыргыз фольклористикасынын өзүнчө өркүндөшүнө шарт түздү. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» Улуу Октябрь Революциясынан кийин жүзөгө ашкан жана кыргыз элинин маданий тарыхында биринчи жолу жарык көрүп жаткан эмгек. Ар иштин алгачкы башталышында кыйынчылык кездешпей койбосу белгилүү. Ал кыйынчылыктар негизинен төмөндөгүдөй үч себепке байланыштуу: биринчиден, «Очеркке» пайдаланылган материалдардын мурун толук изилденип чыкпагандыгы, ал чыгармалар жөнүндө тийиштүү даражада ойлор айтылбагандыгы; экинчиден, кыргыз эли түзгөн акыл-ой байлыктарынын басма сөздөрдө жарыяланбагандыгы (кол жазма түрүндө фондуда сакталгандыгы) көп кыйынчылыкты туудурду; үчүнчүдөн, кыргыз эли түзгөн акыл-ой байлыктары калк арасынан толук жазылып алынбагандыгы, оозеки чыгармаларды жанрларга жана түрлөргө бөлүштүрүүдө күмөндүктү пайда кылбай койгон жок. Демек, «Очерктеги» чыгармалардын түрлөргө бөлүнүшү азырынча шарттуу түрдө гана алынды. Мындагы максат — кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бай материалы менен окуучуларды тааныштыруу. Бирок бул «Очеркке»

киргизилген чыгармалар кыргыз эли түзгөн акыл-ой байлыктарын бүт бойдон тарыхый жактан камтый албайт. Айрым кошумчалар менен толуктоо, жаңы табылгалар менен окуучуларды тааныштыруу келечектеги иш. Эмгек кыргыз элинин Октябрь революциясынан мурунку чыгармаларынан тартып, азыркы күндөгү кыргыз совет фольклорун ичине камтыды. Алгачкы тажрыйба катары ушундай чогуу берүүнүн өзү окуучулар үчүн пайдалуу деп ойлойбуз. Кийинки кошумчалардын негизинде «Очерк» эки томдук болуп чыгууга тийиш. Албетте, анын экинчи тому советтик оозеки чыгармачылыкка арналмакчы. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркин» жазууга Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана Адабият институтунун илимий кызматкерлери катышышты. Алар филологиялык илимдердин кандидаттары — С. Байходжоев («Марксизм-ленинизм классиктери элдик оозеки чыгармачылык жөнүндө», «Кыргыз элинин жомоктору», «Мендирман», «1916- жылдагы улуттук көтөрүлүш элдик поэзияда», «Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эл оозеки чыгармачылык»), Ж. Таштемиров («Ырым жана дарымдар», «Кыргыздын элдик табышмактары», «Балдар ырлары», «Айтыштар», «Кыргыз элинин советтик доордогу оозеки чыгармаларынын чыгышы жана өсүү жолдору»), Б. Кебекова («Миф жана www.bizdin.kg легенда», «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды», «Кедейкан»), С. Закиров («Дин ырлары», «Сүйүү ырлары», «Кыргыз элинин макал, ылакаптары», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Изилдене элек эпикалык чыгармалар», «Эмгек ырлары», «Согуштан кийинки эл оозеки чыгармачылыгы»), А. Токомбаева («Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын жыйноо жана изилдөө тарыхы», «Үйлөнүү салт ырлары», «Кошок», «Арман», «Санат-насыят, терме ырлары», «Чечен сөздөр», «Кыргыз эпосторуна жалпы мүнөздөмө», «Олжобай менен «Кишимжан»), Р. Кыдырбаева («Манас», «СаринжиБөкөй», «Жаңыл-Мырза»), М. Мамыров («Семетей», «Сейтек»), Ар кандай пикирлер, каалоолор болсо, авторлор өздөрү кийин китепти кайра басып чыгарууда көңүлгө алмакчы жана калыс пикирлерин сунуш кылган жолдошторго чын жүрөктөн алкыш айтмакчы.

# “ Манас” эпосундагы медицина дүйнөсү.

Элдик медицина — адамды ар түрүү дарылар, дары өсүмдүктөт (көбүнчө чөптөт), минералдык заттар, айрым жаныбарлардын эти жана ички органдары жана башка дарылык касиети бар заттар менен айыктыруу жөнүндөгү элде чогулган маалыматтар, эмпирикалык түшүнүктөр. Элдик медицина адамзат жаралгандан бери белгилүү. Ошол кылымдык тажрыйбалардын негизинде азыркы илимий медицина пайда болгон. Мисалы, египеттиктер апийимди, тибеттиктер жаратылыштагы заттарды дары катары кеңири колдонушкан. Азия элдеринин адабий мурастарында климат, таза аба, дене тарбия, туура тамактануу ден соолукту сактоодо зор мааниси бар экендиги жөнүндө маалыматтар сакталган. Элдик медицина тууралуу гиппократ,  гален, Ибн Сина жана башкалардын эмгектеринде жазылган. Орусияда Элдик медицина элементтери, түрдүү өсүмдуктөр маңызы  жараат, цинга жана башкалар ооруларды дарылоодо кеңири пайдаланылган. Кээ бир тажрыйбалуу табыптар Борбордук Африкада операция жасап, жатындагы баланы ала алышкандыгы айтылат. Биздин ата-бабаларыбыз да бул тармакта мыкты денгээлдерге жеткен. Кыргыздын элдик медицинасында картык менен кан алуу, сүлүк салуу, кийиз күйгузүп басып, кандын агышын токтотуу, тамыр кармап ооруларды «ысык» же «суук» деп бөлуп, тамактануу жолун көрсөтүү жана башкалар («ысык» болсо оорулууга мүнөз тамак же 20-30 күн кайнак суу берип, ачкалык менен «суук» болсо күчтүүлөп тамак берип дарылаган) колдонулган. Кыргыздардын илгерки көчмөн турмушунда элдик хирургия болгондугу да белгилүү. Мисалы, сынган сөөктү сакайтуу, жөнөкөй операцияларды жасай билүү жана жөнөкөй хирургиялык аспаптардын биздин күндөргө чейин келип жетиши мунун далили. Бул маалыматтар азыркы мезгилге чейин оозеки түрүндө жетти.

Буга далил “кыргыз элинин алтын казынасы” болгон “Манас” эпосу. «Манас» эпосунда жогоруда айтылган дары заттар жана элдик дарылык ыкмалардын көпчүлүгү анын бардык варианттарынан жана башка маалыматтарда кездешет. Медицина “Манас” эпосунда өтө кеңири берилген. Кылымды карыткан кыргыз эли океандай чалкыган дүйнө жүзүнө, төгөрөктүн төрт бурчуна чейин жеткен атактуу “Манас” эпосу менен белгилүү. “Манас” эпосу тек гана атагы чыккан Манас жана анын 40 чоросу, салгылаштары менен гана таанылбастан ден-соолукту жакшыртуунун сырлары жана аны кантип айыктыруунун жолдору менен да белгилүү. Бу деген эмне деген сөз? Керек болсо азыркы трансплантация илими(органдарды көчүрүү) 2000 жыл мурун эле Манастын доорунда пайдаланылган. Бул тууралуу “Манастын” “Семетей”бөлүмүндө чагылдырылат. Азыркы көп ооруга даба боло алган “Мумия”дары, “Чар” дары, “Нуржемил” сыяктуу дарыларды кыргыздар

жараларга колдонуунун ыкмасын билгени азыркы убакка чейин менде купуя сырды жаратып келет.

Кыргыз трансплантация илимине - 2000 жыл. Трансплантациянын бир түрү болгон ксенотрансплантацияны(ар башка түрдөгү, тукумдагы, отряддагы организмдердин ортосунда көчүрүп жайгаштыруу, б.а. адамга айбанаттардын органын көчүрүү) мындан 2000 жыл мурун эле биздин ата-бабаларыбыз жасап келгендиги “Манас”эпосунун “Сейтек” бөлүмүндө эскерилет. Канчоро менен Кыяз чыккынчылык келишим түзүшүп, бийлик төңкөрүшүн жасаганда, Семетей кайып болуп кетип, Күлчоро теңдешсиз согушта туткунга түшүп калат. Ошондо Күлчоронун кечири кесилип, кул болуп, Кыяздын энчисине тиет. Кийин Сейтек эр жетип, кайрадан төңкөрүш жасап, мыйзамдуу бийликке келгенден кийин, Күлчорону ар тараптан мыкты дарыгерлерди алдырып, болгон жакшы дарылары менен дарылатып көрөт ,бирок эч бир дары жардам бербейт. Акыры, айла болбогондо, Айчүрөк бир кездеги Семетейдин аскердик дарыгери, ары хирург, Семетейдин жан бирге досу Момунжанга жана Кашкардагы Токтосартка кат жиберет. Семетей кайып болуп кеткенден кийин, Момунжан душманына кызмат кылгысы келбей “отставкага” чыгып, аскердик иштерди биротоло таштап, Багдадга кетет. Кабар жетээри менен Момунжан да, Токтосарт да жолго чыгышат. Биринчи Токтосарт эки жүздөй кызматкери менен 480 тоого дары-дармек, чай-булун артынып жетип келет. Келээри менен Күлчорону операцияга даярдай башташат. Шар аккан суунун боюна чатырларды тиктирип, бир чатырга бештен кызматкерин жайгаштырып, Үч чатырды ээн коет. Кыязы, азыркыча “Аскердик талаа госпиталы” (Военно-полевой госпиталь) болсо керек. Ал эми бош чатырлар хирургдар үчүн “операционный блок” сыягы. Бир чатырга дарыларын түшүрүп, бирөөсүнө Күлчорону жайгаштырат, бир чатырга өзү орун алат. Анан алыскы Багдаддан Момунжан келип, ошол кездеги медицинанын эң жакшы жетишкендиктерин колдонуп, мыкты дарылар менен Күлчорону дарылай баштайт.

## *Лекция -2*

## *“Манас” эпосу маданий байлыктардын энициклопедиясы.*

## *Манас эпосундагы дары чөптөр.*

«Манас» эпосу — кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушунун, жашоотиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүмтурумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүндөгү бааларын, айланачөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын, диндик түшүнүгүн, астрономиялык, географиялык жана башка билимдерин, элдик поэтикасын жана тилин кеңири с арымда чагылдырган нукура эпикалык чыгарма. «Манаста» баяндалган окуялар эң биринчи иретте кыргыз элинин тарыхынын байыркы доорун сүрөттөйт. Эң алды менен байыркы коомдук түзүлүштүн, аскердик демократиянын кээ бир мүнөздүү белгилери (согуш олжолорун бөлүштүрүүдө аскердеги ар бир жоокердин тең укуктуулугу, жетекчини шайлоо жолу менен тандоо жана башкалар.), эпостун окуялары болуп өткөн жер-суулардын аталыштары, эл, уруу жана кейипкерлердин энчилүү аттары жана башка түшүнүктөр байыркылык мүнөзгө ээ. Эпостун байыркылыгын «Мажму аттаварихте» камтылган тарыхый кабарлар да таасын ырастайт. www.bizdin.kg 12 «Манас» — муундан муунга, кылымдан кылымга стадиялуу өнүккөн эпос. Ал элдик таланттар — манасчылардын улам жаңы муундарынын чыгармачылыгы, күч-аракети менен өзүнө тарыхый жаңы окуяларды, жаңы кейипкерлерди сиңирип, сюжет курулушу улам татаалдашып олтуруп, зор эпопеяга өсүп жеткен. Шарттуу түрдө айтканда, азыркы эпопея кыргыз элинин миң жылдык баатырдык тарыхынын көркөм чагылдырылышынын натыйжасы. «Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк казынасында өзүнчө өзгөчө орунга ээ. «Манас» боюнча энциклопедиянын жарыкка чыгышына байланыштуу анын байыркы текстин комплекстүү усулдун аспектисинде изилдөөнүн жаңы этабы башталды дешке негиз бар. Канткенде да манастаануу илими бүгүнкү күнгө чейин ар түрдүү саясатташкан чектөөлөрдүн негизинде психологиялык тосмого өтө тыгыз байланып келди; эми ал тосмодон чечкиндүү өтүү кыргыз эпосуна тарыхый-эстетикалык феномен катары көп тараптуу баа берүүнүн жаңы тилкесин, жаңы баскычын ачууга тийиш. «Манас» эпосу баатырдык баяндын өнүккөн классикалык түрүнө жатат. Бирок, бул анын өтө байыркы катмарларында мамлекетке чейинки, башкача айтканда эң алгачкы уруулук коомдун көөнө сөз өнөрү жатканын четке какпайт. «Манас» биздин күндөргө жеткен көп катмарлуу поэтикалык көрүнүш, анын салттуу тексти өзүнүн жашоо процессинде

көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгону талашсыз. Байыркы замандын бул оригиналдуу эстелигинин оозеки түрдө жашап келүүсүнүн өзү эле анын текстинин өзгөрмөлүүлүгүн, варианттуулугун алдын ала шарттаган. Ошого карабастан, эпос айрым сюжеттик сызыктардын, образдардын байыркы поэтикалык формулаларынын таң каларлык туруктуулугун аныктаган экинчи бир өзгөчөлүккө да ээ. Мындай өзгөчө касиет белгилүү даражада эпикалык дүйнөнүн алгачкы көрүнүшүн калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет. «Манаста» бутпарас дининин бир кыйла издери, ар түрдүү нерселердин магиялык кудуретине, сөздүн магиялык касиетине ишенүү сакталган. Эпосто магиялык сыйкыр аркылуу жортуулдун эмне менен аяктарын алдын ала айткан далычы жөнүндө кабар берилет. Койдун далысы менен бал ачуу — жаныбарлар сөөгүнүн укмуштуу магиялык кудуретине ишенүүнүн байыркы жаңырыгы болуп саналат. Төлгөчү Кара Төлөк, далы көрүүчү Агыдай деген чоролор дайыма Манасты жандап жүрүшөт, анын буйругу боюнча төлгө салып, далы карап келечекте эмне болорун дароо айтып беришет. Ошондой эле эпосто табиятка сыйынуу жана атайын тандалмалуу адамдардын жаратылыш кубулуштарына таасир тийгизгени ачык көрүнөт. Айталык, Манастын башкы чоросу Алмамбет Чоң казатка барганда жай ташын дубалап сууга салып, жай күнүн кыш кылып, бороон-чапкын жасап, күркүрөп кирип жаткан Уркун дарыясын тартылтып, Бээжинге бараткан колду дарыядан аман-эсен өткөрөт. Адамдын жаратылыш менен байланышы жөнүндөгү байыркы мифологиялык мотивдердин «Манас» эпосунда сакталышы ар кыл. Эпосто кепшөөчү жапайы жаныбарлардын кереметтүү колдоочусу Кайыпка (көбүнчө алты айры мүйүздүү бугу түрүндө элестетилет) да өзгөчө назар салынат. Кыргыз эпосунун катмарында эң байыркы ишенимдин калдыгы — энелик доордун культу (мисалы, жаш балдарды кырсыктан коргоочу Умай эне) ачык байкалат. Эпосто Умай эненин катышы Манастын төрөлүшүндө берилип, баатырдын жарык дүйнөгө келиши үчүн анын аракети таасын сүрөттөлгөн. Бул Умай эне жөнүндө байыркы түрктөрдүн эстеликтеринде бир нече жолу эскерилет. Мисалы, Тону Көктүн урматына коюлган эстеликте мындайча баяндалат: «Теңири, Умай, ыйык Жер-Суу жеңиш берди, неге качабыз» (Орхон-Енисей тексттери, Фр., 1982, 98-б.). «Манас» эпосунун көптөгөн мотивдери, образдары байыркы түрктөрдүн доорунда калыптанып түптөнгөн жана ошол алыскы мезгилдеги ишенимдер, үрп-адат, www.bizdin.kg 13 салт-санаа менен генетикалык байланышы бар деп болжолдоого болот. «Манас» эпосундагы ушул сыяктуу байыркы мифологиялык рудименттер кийинки тарыхый окуялардын калың катмарынын алдына бекем бастырылып калганын айта кетүү керек. «Манас» эпосун өтө байыркынын жаңырыгы, жакынкы мезгилдердин элеси деп кароо туура болор эле. Ал турмуш чындыгын өтө кеңири жана ар тараптан камтыган чыгарма,

# *Манас эпосундагы дары чөптөр.*

**«Манас» эпосундагы өсүмдүктөр дүйнөсү** (флора) — «Манас» эпосунда кыргыздардын ар түрдүү түшүнүктөрү менен катар табият менен карым-катышы, жаратылыш тууралуу билимдери да орун алган. Анын ичинде элдин Ө. д-нө болгон мамилеси жана өсүмдүктөр жөнүндөгү билимдерине да кеңири орун берилген. «Манастын» түрдүү варианттарында Ө. д. жөнүндөгү маалыматтар өтө бай жана ар түркүн. Эпостун манасчы Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жарык көргөн төрт томдугунда (1978 — 82) өсүмдүктөрдүн 70ке жакын атоолору кезигип, алар түрлөрүнө, өзгөчөлүктөрүнө жараша так берилет. Алардын ичинде токой, чер бак, гүл бак, сабак, бакча, гүл, жыгач, дарак, бадал, чырпык, жалбырак, дүмүр, чөп, куурай, жемиш жана башкалар жалпы маанидеги атоолор бар. Эпосто өсүмдүктөрдүн төмөнкүдөй ар кандай түрлөрү жөнүндө айтылат. Дарак жана бадалдар басымдуу айтылат: карагай терек, байтерек, чынар, тал, кара жыгач, кайың, четин, сары жыгач, ит мурун, ыргай жана башкалар; жемиш жыгачтары: алма, алмурут, өрүк, жаңгак, алча, бадам, мисте, жүзүм, карагат жана башкалар; чөп өсүмдүктөрү: бетеге, тулаң, чымылдык, ышкын, көк шибер, чий, камыш, жекен, көк тикен, кымыздык, балтыркан, жантак, ат кулак, чалкан жана башкалар; эгиндер: буудай, күрүч, арпа жана башкалар; бакча өсүмдүктөрү: коон, дарбыз.

Ошондой эле элге анча белгилүү болбогон бадалдардын (тоорак), чөптөрдүн (кыткыл чөп), башка тилдердеги кокок, сагаса (өзбекче чекенди), жаңгел токой деген өңдүү аталыштар да учурайт.

Эпосто көбүнесе токой тууралуу айтылат. Бул илгерки заманда жердин көбүн токой ээлегенин көрсөтөт. Биология илими да муну ырастайт. Токойдогу дарактар жөнүндө кеп болгондо артыкча тал, андан кийин кайың, карагай, терек, чынар, алма, алча, жаңгак, камыш, жекен жана башкалар айтылат. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында: Бири терек, бири тал, жыгачынын түркү ушу , — деп баяндалат. Өсүмдүк түрлөрү да ажыратылып берилет. Мисалы, жөнөкөй тал, кырчын тал жана башкалар өсүмдүктөр таралышына жараша да көрсөтүлүп, какырдын бадалдары, нымдуу жерди ээлеген жазы жалбырактуу, ийне жалбырактуу токойлор, суу бойлоп өскөн жекендүү, камыштуу аймак делип өз-өзүнчө сыпатталат. «Манас» эпосунун окуялары көптөгөн аймактарда өтүп, ар бир жердин Ө. д. өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү менен сүрөттөлөт. Мисалы, Манас туулуп өскөн Алтайдын токойго, түркүн өсүмдүктөргө бай кооз жер экендиги, «бугу оттогон жерлери, булуңдуу токой

черлери» жөнүндө айтылат. Ошол жерде өскөн токойдун аянты, калыңдыгы «бери жагында кырк күндүк, караңгы токой чер бар дейт» деген саптар менен берилип, токой арасындагы «көк ала майдан шиберди аралап», жайылып жүргөн мал тууралуу да көп айтылат. Ал эми Алтайдан Анжыянга көчүп келген эл жер жайнаган жемиш токойлорун көрүп, Талас жеринин «алчасы чирип дөң болгон, алмасы жатып көң болгон» Ө. д-нө суктанышат. Эпостун окуялары «жаткан, жаңгак сууда бар, алма, бадам жуда бар, алча жүзүм бу да бар» күнөстүү тажик жергесинде да өтөт. Көкөтөйдүн ашын өткөрүү үчүн «үзөңгүдөн чөп экен, бетеге белден бураган» айтылуу Каркырага көчүп барышат.

Жүрөктү титиреткен кармашууларга, жеңүү-жеңилүүгө жык толгон Чоң казат «текчеден гүлү ачылган, жемиши жерге чачылган» кооз, көркөм, өсүмдүктөргө бай кытай жеринде жүрөт. Адеп кытай жерине келгенде кол «дөгө-деген жалбырак, төрт канат үйдүн үзүктөй» экенин, маша деген өсүмдүктү, беченди, күчала деген чөптөрүн, жан-жаныбарларын көрүп таң калышат. Эпосто жапайы өсүмдүктөр менен катар чарбактар, андагы өсүмдүктөр жөнүндө да айтылат. Мисалы, айтылуу Көкөтөй бай өлөөрүндө «жети таш жерге тигилген, жетимиш уруу тал калды» деп арман кылат. Ошол кезде эле элдин өсүмдүктөрдүн өз ара жамаатташтыгы, башкача айтканда экологиялык байланышы жөнүндө түшүнүктөрү да бар экенин төмөнкү саптардан байкоого болот: «Алмурут чыккан жерлерге ит мурун чыгат дечү эле». Чынында эле алмурут менен ит мурун аймакташып каксоо жерлерде өсөт. Ө. д. табияттын кооздугун, байлыгын гана көрсөтүү үчүн эмес, ар андай поэтикалык ыкмаларды түзүүдө материал катары да пайдаланылат. Өсүмдүктөр метафораларда, айрыкча кыздардын, аялдардын сулуулугун көрсөтүү үчүн пайдаланылган. Мисалы, Аруукенин элеси: «карагат көздүү, кан жүздүү кашы кара ай түстүү». Өсүмдүктөр айрыкча салыштырууларда да өтө көп колдонулат.

ошондуктан эпосту белгилүү тарыхый доорлор боюнча айрып, бөлүп кароо өтө эле кыйындыкты туудурат. Ар кыл көптөгөн окуяларды өзүнүн көркөм өнүгүү мыйзам ченемине ылайыктап, кайрадан иштеп чыгып өзүнө сиңиргендиктен анын текстинен таза конкреттүү тарыхый окуяны же тарыхый инсанды бөлүп чыгууга мүмкүнчүлүк аздай. Конкреттүү тарыхый фактыларды чагылдыруу ар бир доордо ар башкача, өзгөчөлүү келип, чындыгы да ар кыл деңгээлде болгон. Бирок, мезгил өткөн сайын эпос өзүнө тарыхый окуяларды активдүү түрдө кабыл алып, ал окуялар реалдуу фактыларга жакын талкуулана баштаган. Башкача айтканда эпос элдик уламыштарды тарыхка айкалыштырып, жакындаштырып баяндаган. «Мажму ат-таварихтин» мазмуну буга ачык далил боло алат. Мындайча айтканда тарых менен көркөм аңдоонун айкалышы, өтмө катар бири-бирине өтүп турушу кыргыз эпосунун өзгөчө бир касиетине жатат. Мисалы, «Мажму ат-таварихте» Манас калмак Жолойго каршы мусулмандар тарабында күрөшүп, колго түшкөн калмактарды мусулман кылат деп айтылат (Мажму ат-таварих. КФ, 5154инв., 44-б.). Шамандык диндеги көчмөндөрдүн чөйрөсүнө исламдын кириши менен жаңы тарыхый-турмуштук кырдаалдар түзүлүп, түрк тилдүү маданиятка бул мезгилде араб-иран маданиятынын, араб, фарсы тилдеринин таасири тие баштайт. Байыркы түрктөрдүн көптөгөн поэтикалык эстеликтери унутулуп, араб-иран адабиятынын таасири күч алат. Кебетеси, ушул мезгилдерде Үрүстөм, Искендер Зулкарнайндын образдары «Манаска» кирген. Атап айтканда, көчмөн жана отурукташкан элдердин маданияты өз ара тогошкон учурда ислам мотивдери эпоско сиңе баштаганы күмөн туудурбайт. Ушундан улам «Мажму ат-таварихте» Сейф ад-Дин Аксыкентинин чыгармасындагы уламыш, эпос мотивдери бир бүтүн түйүн катары, ошондой эле тарыхтын таза чындык фактысы катары да көрсөтүлгөн. Ногой ордосу менен байланышкан доор кыргыз эпосунун түзүлүшүндө, калыптанып жашоосунда өтө маанилүү учур болгон. Манастын Ногой уруусуна киргендиги жөнүндөгү мотив эпостун бардык версияларында, анын ичинде «Мажму ат-таварихте» да жолугат. Кыргыздардын Эне-Сайдан Орто Азияга жер которгон мезгили элдик аңыздарда, аздыр-көптүр уламыш-тарыхый эскерүүлөрдө, санжыраларда сакталган. Ногой, Шыгайдын эпикалык аттары ошондой эле элдик уламыштарда да учурайт. Мисалы, кыргыздардын башчылары Ногой жана Шыгай Эне-Сайда турушканда эле ислам динин кабыл алышат да, наймандардын уруу топтору менен бирдикте Орто Азия аймагына жер которуу жөнүндө макулдашат. Көчүп Чүй өрөөнүнө келишип, Ак-Суу, Кара-Балтанын аймагына жайгашышат. Бул жерде алар Ногой, Шыгайдын атындагы ордолорду негиздешет (Алымбеков Т., Кыргыз тарыхы боюнча фольклордук материалдар. КФ, 1165-инв., 9-дептер, 231-б.). Кийинчерээк элдик уламаларга жаңы катмар катары Алтын Ордодогу түмөн башы Ногойдун аты менен байланышкан жаңы окуялар да кирген. Сыягы эпосту ушул бөтөнчө бир инсандын тегерегиндеги кийинки эволюциялык

өнүгүшү ЭнеСайлык Ногойдун ысымына байланыштуу катмарларды чүмбөттөп, жаап калган сыяктуу. Ошентип эпостун көп катмарлуу сюжетинде эки башка мезгилдеги окуялардын бир эпикалык фонго биригиши келип чыккан.

## *3-лекция*

## *ТЕМА: “Манас” эпосунун идеялык мазмуну жана эпостогу оорулардын аталыштары*

**"Манас" эпосунун идеясы -** эпостун мазмунунда, образдар системасында камтылган негизги ой катары чоң мааниге ээ. Ч. Айтматовдун сөзү менен айтканда “Ириде айтылуучу сөз мындай: эпостун негизги идеясы, анын бүткүл “кан тамырын” аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып сүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы максаттарга умтултуп, адам чаалыгып, чарчап бараткандa ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан аяк улап, өөрчүтүп өнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. "Манас" эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алары да дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу” (“Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу”. К-пте: Сагымбай Орозбаков, 1. 9). Эл эркиндикке, күнкор эместикке күрөш аркылуу гана жетише алган. Ал эми күрөш элдин баатырларга, эр-азаматтарга муктаждыгын пайда кылган. Ушундан улам эпостун И-лык чордонун көп кылымдык тарыхында сандаган түркүн окуяларды башынан кечирген элдин эркиндик, күнкорсуздук үчүн баатырдык, каармандык күрөштөрү түзүп эпостун эң алгачкы калыптануу учурунан башталып, улам барган сайын тышкы душмандар менен катар ички душмандарга каршы күрөштөрдө кеңири сүрөттөлөт. Эпостун Манас, Семетей, Сейтек, Каныкей, Бакай, Чубак, Сыргак, Айчүрөк, Күлчоро жана башкалар каармандары — өз элин, жерин сүйгөн патриоттор. Алардын эрдик, баатырдык иштери, майтарылбас эрки, кайраттуулук, кужурмөндүк, өткүрлүк, көсөмдүк сапаттары, элдин кызкчылыгы үчүн жан аябай күрөшү эпостун негизги И-сын улам тереңдетип турат. Эпосто элдин үмүт-тилегин, мүдөөсүн, максатын алып жүргөн башкы каарман — Манас. “Үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап”, бытырап тарап кеткен элдин башын бириктирип, өз Ата Мекенине ээ кылуу, элди тышкы жана ички душмандардан коргоо, баскынчыларга каршы күрөшкө баш коштуруу Манастын зор ишенимдүүлүгүнө байланышкан. Ат жалын тартып мингенден баштап эле “өчкөн отту тамызган, өлгөн жанды тиргизген” иштерди жасап, элдин алкоосуна арзыйт, анын тирегине айланат. Манастын патриоттук сезиминин эрте ойгонушуна Алтайда турган кыргыздар менен калмак, кытайлардын ортосундагы карама-каршылыктар, кытай, калмактардын зордук-зомбулуктары, ошондой эле ата-теги, эли-жери жөнүндөгү уккандары себепчи болот. Ата Журтун табуу, элин эзүүдөн куткарууну алдына максат кылып коёт. Манастын кыргыз урууларын

бириктирип, Алтайдан Ала-Тоого көчүү, ата-бабадан калган жерди баскынчы душмандан кайрып алуу үчүн түшкөн багыты, иш-аракеттер эл тарабынан колдоого ээ болгон.

Саныңды чыгар кишенден! (Сагымбай Орозбаков, 2, 151),— деп алдыда болуучу айыгышкан күрөштүн кыйындыгын ачык-айкын түшүндүрөт. Манастын аркасы менен эл ата мурас жерине ээ болуп, колу-буту “кишенден” бошойт. Бирок, эңсеген эркиндик ушуну менен эле камсыз болуп калган жок. Бул үчүн дагы ички ыйкы-тыйкы, чыр-чатактарды тышкы душмандын басып кирүү коркунучун жоюу зарылдыгы келип чыккан. Манастын жети кандын чатагын жөнгө салуу менен башкы күчтү, негизги көңүлдү Бээжинге карата буруп, Чоң казатка аттанышынын негизги себеби да ушуну менен түшүндүрүлөт. Анын элге, жерге деген сүйүүсү ушунчалык назик жана чексиз. Чоң казат жолунда эл тагдыры жөнүндө бушайман болот, эли-жерин бир саамга эсинен чыгарбайт

Манастын жолун уулу Семетей улап, талоонго калган элин эбине келтирип, Коңурбайдан атасынын өчүн алат. Семетей ишке ашыра албай калгандарды Сейтек жөнгө салат. Эпостун улам кийинки бөлүктөрүндө (“Семетей”, “Сейтек”) кан күйгөн кармаштар, кырчылдашкан согуштар “Манастагыдай” көп болбосо да, чыгарманын негизги лейтмотиви — эркиндикти, күнкор эместикти коргоп калуу эч солгундабайт. Дегинкисинде, Манас да, Семетей да, Сейтек да элдин эңсеген тилегинен жаралган идеал каармандар. Алар элдин эркиндик үчүн күрөштөрүндө дайыма чоң тирек, өбөк, таянар тоо болуп, муундарды, элдин эркиндигин коргоочу болочокку жоокерлерди тарбиялоодо зор мааниге -ээ болуп келген. Эпостун эркиндик, көз каранды эместик И-сы жуурулушуп турган баатырдык патриоттук элди, жерди, Мекенди сүйүү И-лары чыгарманын башынан аягына кызыл сызык болуп өтүп турат.

*4-лекция*

## *ТЕМА: “Манас” эпосунун мамлекуулугу “Манас” эпосундагы кул азыктардын,тамак-аштардын организмге тийгизген таасири.*

**Күл Азык** — көпкө бузулбай турган алыскы жолго арналып жасалган кыргыз элинин байыркы тамак-ашынын бир түрү. К. а-тын негизи эттен (жылкынын, уйдун, койдун, кийиктин жана башкалар) турган. Союлган малдын (кайберендин) эти бышырылган соң нарын сыяктуу майда тууралган же кургатылып, сокуга жанчылган же жаргылчакка тартылган. Андан кийин майдаланган эт эки жолу (биринде өзүнүн майына, экинчисинде ун же талкан аралаштырылып, туз салынып) куурулган. «Манас» эпосунда чагылдырылган К. а. узак сапарга, ууга, казатка аттанган жоокерлердин тамагы катары сүрөттөлөт. "Манас" эпосунда К. а. адамдар үчүн гана эмес аттар үчүн да мээр чөптөн чакан көлөмдө жасалары айтылат. Эпостун төмөнкү саптары буга мүнөздүү:

Кагылайын уулдар

Ала жүрсөң күл азык,

Атка берер мээр чөп,

Каран күн башка түшкөндө

Кереги мунун тиет деп

Кудус менен Мысырдан

Муну койбой чалдырган

Бармактайын чайнаса

Адамдын мээрин кандырган,

Беш талын катып чайнатса

Тулпардын суусун кандырган,

Шири капка бекитип

Бүктөп берген эмеспи (Саякбай Каралаев, 2. 175).

Айрым этнографиялык маалыматтарда К. а. бөлөк азыктар кошулуп да даярдагандыгы айтылат. Муну В. В. Радлов «Манас» эпосу менен кошо жарыялаган «Жолой кан» аттуу өзүнчө фольклордук чыгармадан ачык-айкын көрүүгө болот. Мында Жолой баласы Болот менен жолго чыгаардын алдында аларга К. а. камдалып берилет. Ошол дастандагы К. а-тын даярдалышы төмөндөгүдөй баяндалат:

Миң бээнин эттерин

Каптыгадай тилдим дейт,

Алты күнү туска бөлөдүм,

Дүүм жемиштен талкалап туруп,

Эт үстүнө септим мен,

Күнгө как кургаттым,

Тегирмен салдым мен,

Чери чары болот деп,

Торко элекке эледим,

Келе соку кылдырдым,

Келин кыс чогултуп

Сокулатып алдым мен,

Капчык ичине салдым (Радлов жазып алган вариант 549—550). Мындай К. а-тын бир эле кашыгын ысык сууга салып эритип ичкенде адамга кадимкидей кайрат берип, ток туткан. Мисалы, Радлов жазып алган вариантта Жолойдун келини жолго чыгып жаткандарга К. а. менен кошо куржунга кол казанды кошо салып берип, кайнатасына мындай дейт:

Тамак керек болгондо,

Жер очокту кассын де!

Аста отту жаксын де!

Ченеп уч колдун башы менен

Чымчып мындан алсын де,

Казанга акырын сээп койсун де,

Кашык менен айлантып,

Сактап олтурсун де! (Радлов жазып алган вариант 500). Контекст илгерки убактарда кыргыздардын К. а-ты кеңири колдонгонун айгинелеп турат. Мындай фольклордук материалдар К. а-тын технологиясын «калыбына» келтирүүгө чоң жардам бере алат. "Манас" эпосунда чагылдырылган К. а. жөнүндөгү маалымат анын кыргыз элинин турмушунда орун алып келгендигин көркөм формада көрсөткөн. К. а-ка окшош тамак-аштын түрү алтай элинин эпосу «Алып-Манашта», тувалыктардын «Бокту-Кириш» жана «Бара-Шээлей» аттуу дастанында да айтылган.

## *4-Лекция*

## *ТЕМА: Манас жана искусство*

«Манас» эпосу –кыргыз элинин улуу мурасы. «Манас» кыргыз элининулуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларынын алгылыктууларынбүт чогулткан казынасынын милдетин аткарган, ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап келе жаткан улуу мурасы.Эпосто элдин үрп-адаттарынан тартып, кылымдар бою жашоосундагыкалыптанган салттары, тиричилиги, көрүнүктүү окуялары, жашоо,жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрү, ар түрдүү ишенимдеричагылдырылган. «Манастын көркөмдүк деңгээли да анын эл арасындагыкадыр-баркынын түздөн-түз натыйжасы. Эл өзгөчө баалаган үчүн ал көпаткарылган, такталган, көптөгөн таланттардын узак эмгеги аркылуукөркөмдүктүн кол жеткис бийик чегине жеткирилген. Буга «Манас»эпосунун текстеринде кеңири жолуккан:Алтын менен күмүштүн, ширөөсүнөн бүткөндөй,Асман менен жериңдин, тирөөсүнөн бүткөндөй,Айың менен күнүңдүн, бир өзүнөн бүткөндөй,Ай алдында дайранын, толкунунан бүткөндөй,Асмандагы ай-күндүн, жаркынынан бүткөндөй… -деген сыяктуу ыр саптарытаасын күбө.«Манас» эпосу кыргыз элинин турмушунда көркөм – эстетикалык жагдайдагана роль ойнобостон, идеялык – саясий, тарбиялык, таанып билүү жаатындада зор мааниге ээ жана өзүнүн популярдуулугу менен бүгүнкү күндө кыргызпрофессионалдык искусствосунун төрүндө.Кыргызстандын байыркы эстеликтеринин ичинен кыргыз элинебелгилүү, таң калаарлык популярдуу Талас өрөөнүндөгү «Манастынкүмбөзү» бүткүл кыргыз элин гана эмес, башка элдердин археолог-окумуштууларынын да кызыгуусун арттырууда. Таланттуу кыргызскульптору Т.Садыковдун Фрунзедеги кыргыз филормониясынын алдындагы«Манас» архитектура-скульптуралык комплекси республикалык Токтогулатындагы сыйлыкты жеңип алган. «Манас» сүрөт искусствосунда кайраданжашарып, искусствонун бул түрүнө жандуу элес катары кирди. «Манас»эпосунун негизинде жаралган баатырдык эпикалык «Манас» операсыталанттуу композиторлор В.Власов, А.Малдыбаев жана В.Фере тарабынанжазылып көрүүчүлөргө тартууланган.

Көркөм сүрөт өнөрү жана «Манас».Көркөм сүрөт өнөрү жана «Манас».

Бир катар социалдык-тарыхыйөзгөчөлүктөргө, мусулман динин реалдуу дүйнөнү анын ичинде адамдысүрөткө тартууга жол бербегендигине байланыштуу кыргыз элининарсеналында узак убакыт бою көркөм сүрөт

өнөрү ар тараптуу өнүгө албаган.Бирок, «Манас» эпосу кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз карашын, тарыхын,маданиятын чагылдыруу менен сүрөт өнөрүнүн да болгондугу тууралуумаалыматты да сактап калган. Революцияга чейин жазылып алынган«Семетей» эпосунда күмбөздүн интерьерлеринде сүрөттөр болгондугун,андагы тематикалык сүрөттөрдө борбордук фигура катарыМанас өзүнүнколдоочу жаныбарлары — жолборс, арстан, кабылан, бүркүттөрдүнкурчоосунда курал-жарактары менен согушка даяр, үртүк жабылган аттыминип турганы, ошондой эле анын кырк чоросунун душмандар мененсогушуп жаткан учуру тартылганы сүрөттөлөт. Ошол эле сүрөттө элдинтурмушунан алынган турмуш-тиричиликтик көрүнүштөр дагы бар экендигикеңири баяндалат.Манас таануучу С. Мусаев туура белгилегендей«Манас» эпосуискусствонун ар кайсы түрлөрүнүн элементтерин камтыйт. Каармандардысүрөттөө адатта оозеки түрүндө болгондугуна карабастан, алардын сырткытурпаты, кийимдери жана башкалар өтө элестүү баяндалат."Манас" эпосундакыргыз элинин жасалма-колдонмо өнөрү жөнүндө өтө кеңири маалыматберилген. Жомоктук образдарга эң алгач кайрылуу Орус география коомунунэкспедициясы менен бирге келип, Кыргызстанда иштеп кеткен Б.Смирновдун чыгармачылыгы менен байланыштуу. 1903-ж. Кенже-Караырчынын айтуусунда эпостон үзүндүнү фонографка жазып алуу мененСеметей менен Айчүрөктүн Кытай жолундагы жолугушуусуниллюстрациялаган. Ошол учурда Б. Смирнов тарткан Кенже-Кара ырчынынпортрети манасчылардын портреттик галереясынын эң алгачкысы. 1939-ж.кыргыздын туңгуч операсы «Айчүрөккө» сүрөтчү Я. Штоффер улуттукөзгөчөлүктү жана эпосту терең үйрөнүүнүн негизинде костюмдардын жанажасалгалардын эскиздерин иштеген. 1930-ж. О. Мануйлова кыргыз көркөмсүрөт өнөрүнүн алтын фондусуна кирген «МанасчыТоголок Молдо»скульптуралык бюстун жараткан. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындасүрөтчүлөр жомоктук темаларга жана образдарга кайрылышкан. 1942-ж. И.Безинович «20-кылымдын Гомери» аттуу С. Каралаевдин портретин тарткан.Бул жылдары эпостун биринчи «Чоң казат» деген томун сүрөтчүлөр И.Костылев жана С. Петровдор көркөм жасалгалашкан. 1943жылдан О.Мануйлова эпоско такай кайрылып, гипстен жана металлдан жасалгантоголок барельефтердин «Иллюстрациялар» сериясын түзгөн: «Манасажыдаарды багындырууда» (1943), «БалаМанас салбырында» (1944),«СыргакАлмамбет менен жана ажыдаарлар» (1944), «Сыргак менен Чынкожо» (1952), «Ажыдаарлар» (1957), «Ажыдаарды багындырып жатканбала Манас» (1969) жана башкалар Ал 1945-ж. «Манас» операсынын сахнажасалгасына «Атчан чоролор» деген топторду иштеп чыккан. 1964-ж.«Манас жана манасчылар» темасын улантуу менен О. Мануйлова Ю. Карихменен бирдикте демократ-акын жана манасчы Т. Молдонун Фрунзешаарындагы эстелигин жараткан.1946-ж. Я. Штоффер «Манас» операсынын монументтик-жалпыланганжасалгасын түзгөн.

Эпостун экинчи томунун даярдалышына байланыштуу Кыргызстанга көрүнүктүү советтик графикачы В. Фаворский келген. Анынэпос боюнча болуп өткөн конференцияда (1946-ж. 28-август) чыгыпсүйлөгөн сөзү кийинки муундагы сүрөтчүлөргө эпосту иллюстрациялоонунпринциптерин түшүнүүдө теориялык негиз болуп калды. 1946—47-ж. «Чүкөойноп жаткан Бакай, Кошой жана Бокмурун», «Ажыдаарга каардуу бараткан Манас» жана башкалар станоктук гравюраларынын серияларына каратаэскиздери В. Фаворскийдин стилизациядан качып, эпостуиллюстрациялоодогу сүрөттүн туура чечилишин тапкан. Сүрөтчү А. Михалёвэки түстөгү «Манас. Чоң казат» деген литографиянын циклын жараткан, алкыргыз элинин өткөндөгү тарыхына, маданиятына кызыккандыктыкөрсөткөн. Ал 1979-ж. смалта живопись техникасында иштелген «Каныкей»монументтик ишин жасаган. Скульптор А. Мануйлов архитектор А.Альбанский менен бирдикте Сокулук айылында тургузулган СоветтерСоюзунун Баатыры Д. Шопоковдун эстелигинин (1947, сакталган эмес)супасына «Манас» эпосунун темасындагы барельефти орноткон, анда аркайсы муундардагы баатырларды жакындаткан улуттук белгилер басакөрсөтүлгөн. Советтик көрүнүктүү живописчи С. А. Чуйков 1950-ж. «Манассалбырында» полотносун жараткан. Живописте манасчылардын образдарыдажаралган: «Манасчы» (Ф. Стукошин, 1949), «Акындар» картинасы (1956— 57, Г. Айтиев, Ж. Кожахметов). Эпостун 1958—59-ж-дагы басылышы Е.Соколов, А. Шубин, В. Рогачёв тарабынан классикалык манерадаиллюстрацияланган. 60-жылдардын орто ченинен тартып баатырдыккаармандардын жана манасчылардын образдарына көптөгөн сүрөтчүлөркайрылышкан. Т. Садыков өзүнүн «Саякбай Карала уулу» аттуускульптурасында (1965) эргүү учурундагы ойчул — аткаруучуну көрсөтүүмилдетин койгон. А. Михалёв «Манасчы» деген карандаш портретинде(1967) айтуучунун көркөм бүтүн образын түзгөн. «Баатырлар жана айымдар»китебиндеги (1968, сүрөтчүсү Б. Жумабаев) Саякбай Карала уулунунпортрети, С. Чокморовдун «Саякбай Карала уулу» живопистик портрети(1971), Г. Айтиев иштеген манасчынын скульптуралык портрети (1975) жана башкалар манасчылар сүрөттөгөн баатырлардын сүрөттөлүшүнө шайкешкелген эпикалык кенендикте чагылдырылышы менен өзгөчөлөнөт. Театрсүрөтчүсү А. Арефьев эпостун мотивинде ишке ашырган: «Айчүрөк» (1959),«Манас» (1969) операларын көркөм жасалгалаган.Скульптор В. Димов шамоттон «Манасчы» (1975), «Обон» (1982)композицияларын жараткан. Ушул эле техникада С. Бакашев «Айтуучу»скульптурасын түзгөн. Салттуу турмуш-тиричиликтик сюжеттерден ийчи Д.Жолчуевдин интерпретациясындагы образдар жаралган: «Эпос айтуучу»(1978) жана башкалар. Акыркы он жылда активдүү өнүгө баштаган кыргызмедаль жасоо өнөрүндө эпостук темада бир топ чыгармалар пайда болгон:В. Копотев «Чоро —Манастын жоокери» (1972) жана башкалар А.Соловьев — «Кыргыз эпосу — «Манас»» медалдар сериясы (1973), А.Тыналиев — «Саякбай

Каралаев — 20-кылымдын Гомери» (1980) жанабашкалар. Плакат тармагында Ж. Садыковдун «Манастын уулуСеметей»спектаклине (1981) У. Омуровдун тарткан плакаты чыгармачылыкфантазиясынын, образдык ойдун айкындыгы менен өзгөчөлөнөт. С. Орозбакуулунун, С. Карала уулунун портреттери «СССР элдеринин эпостору»сериясынан жарык көргөн «Манастын» 1-томунун жасалгасы катары сүрөтчүЛ. Эрман тарабынан (1984) аткарылган. Эпикалык образдар чагылдырылганмонументтик чыгармалар: «Манас» архитектуралык-скульптуралыкансамбли, Бишкек шаары: сүрөтчүлөр С. Бакашев, 3. Хабибулин, А.Воронин, А. Каменскийлер иштеген Кыргыз академиялык драма театрынынимаратынын дубалындагы рельефтер.«Манас» эпосунун иконографиясындаТ. Т. Герцендин кошкон салымы орчундуу. Эпостун С. Карала уулунунварианты боюнча сүрөтчү Т. Курмановдун түсүнүн экспрессиясы жанакомпозициясынын динамикасы менен өзгөчөлөнгөн иллюстрацияларысүрөтчүлөрдүн эпос темасына тынымсыз кайрылып жаткандыгынын күбөсү.

## *6-ЛЕКЦИЯ*

## *ТЕМА:”Манас” эпосундагы каада-салт урп адаттар*

Манас эпосу кыргыз элинин улуттук байлыгы, оозеки элдик чыгармачылыктын баалуулугу, дүйнөлүк элдик поэзиянын шедеври. Эпос дүйнөдөгү элдердин эпикалык чыгармаларынын формасы жана мазмуну боюнча эң көлөмдүүсү катары XIX кылымда кеңири коомдук белгилүү болгон. «Манас» эпосу — кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхынын казынасы. Бул чыгарма элибиздин руханий табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн тарыхый жолунун орчундуу окуяларын чогултуп, укумдан-тукумга өтүп келген улуу мурасы, улуттук сыймыгы. Манас» эпосу дүйнөдө зор көлөмдүү көркөм чыгарма. Манасчы Саякбай Карала уулунан жазылып алынган эпостун «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 500 миң сап ырды түзөт. Бул байыркы гректердин «Иллиадасы» менен «Одиссеясын» бирге кошкон көлөмүнөн 20 эседей көп. «Манастын» ошол бир эле варианты илимде узак убакыт эн көлөмдүү эпос делип келген инди элдеринин «Махабхаратасынан» эки жарым эсе чоң. Жанрдык белгилери боюнча баатырдык эпос катары эсептелген бул чыгарманын мазмуну, берген маалыматтарынын көлөмү боюнча баатырдык эпостордун демейки алкагынан чыгыш, андан алда канча тереңдиги, масштабдуулугу менен айырмаланат. Дүйнөгө белгилүү Ч. Валиханов, В. Радлов өңдүү окумуштуулар XIX к. эле «Манас» эпосу аны көкүрөгүнө сактап келген кыргыз элинин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак экендигин баса белгилешкен. Кыргыз элинин турмушунун көркөм энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунда кыргыз элинин эн байыркы доордон берки басып өткөң тарыхый жолунун урунттуу учурлары боюнча маалыматтар берилет.

Эпосго элдин абалын, жашоо шартын, үрп-адатын, дүйнөгө карата болгон философиясын чагылдырган көлөмдүү эпизоддор өтө арбын кездешет. Чыгармадан кыргыздардын турмушун белгилүү бир жагын чагылдырууга арналып, аны терең деталдаштырып берген маалыматтарды кездешүүгө болот. Мисалы, баласыз улгайган адамдын зарланганынан, балалуу болуу, ага тарбия берүүгө байланыштуу материалдар негизинен «Манастын туулушу жана балалык чагы» бөлүмүндө берилет. Кыргыз элинин эл башкаруу, уюмдашуу, элди бириктирүү жөнүндөгү аракеттери «Манастын

кан шайланышында» чечмеленет. Элибиздин куда түшүү, баласын үйлөөгө байланыштуу каада-салттары «Манастын Каныкейди алганында» чагылдырылса, адам өлүмү, сөөк коюу үрп-адаттары «Кекөтөйдүн ашы», «Манастын өлүмү» бөлүмүндө баяндалган. Эпостон кыргыз элинин турмушунун бардык тармактарын камтыган ак менен кара, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, пайда-зыян жөнүндөгү философиялык ой-толгоолорун билүүгө болот. Элибиздин диний ишенимдери, жүрүш-туруш нормалары, эл аралык мамилелери, жаратылыш, коом, география, медицина ж. б. жөнүндөгү билимдери да эпосто кеңири чагылдырылган. «Манас» эпосу зор көлөмдүү, узак убакыт ооз жүзүндө гана жашап келгендиктен анын өзгөрүүсүз сакталган (канондук) тексти жок. Эпостун мазмуну, ыр саптары устаттан шакиртке, бир муундан экинчисине өткөндө, ал түгүл бир эле манасчы эпосту улам кайталап аткарганда өзгөрүүлөргө учураган. Ушундан келип эпостун түрдүү варианттары жаралган. Азыркы кезде «Манас» эпосунун негизги бөлүмдөрүнүн кагаз бетине түшүрүлгөн 70тен ашуун варианты белгилүү. Эпостун улам жаны үлгүлөрүн жыйноо иши дагы эле улантылууда. «Манастын» варианттарынын дээрлик бардыгында эпостогу негизги мазмунун, окуялардын нугун түзгөн салттык туруктуу эпизоддор сакталган. Бирок эпостун варианттарынын көлөмү, мазмундук, формалык касиеттери, көркөмдүк денгээли бир кылка эмес. Бири-биринен орчундуу айырмачылыктарга ээ варианттар да, көп белгилери боюнча жакын турган, бир эле окуяны айрым өзгөчөлүктөр менен айткан варианттар да бар.

«Манас» таануу илиминде эпостун окуялары толук камтылган үлгүлөрү такталган. Аларга эпостун биринчи бөлүмүнүн Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракман уулу), Багыш Сазан уулу, Мойдобасан Мусулманкул уулу, Ыбрайым Абдыракман уулу, Мамбет Чокмор уулу тарабынан түзүлгөн варианттарын, ал эми «Семетей, «Сейтектин» Саякбай Карала уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сары уулу, Мамбет Чокмор уулу, Акмат Рысменде уулу, Актан Тыныбек уулу ж. б. жараткан варианттарын кошууга болот. «Манас» эпосунун негизги варианттарынын ичинен чоң манасчылар Сагымбай менен Саякбайдан жазылып алынган тексттер башка варианттардан материалдарынын толуктугу жана өзгөчө кенири планда айтылышы, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугу менен айырмаланып турат.

“Манас” эпосунун башка тилдерде алгач баяндалышы “Мажму ат-таварихке” байланыштуу. Ушул чыгармада эпостун айрым окуялары тажик тилинде берилген. Эпостун В.В.Радлов жазып алган тексти өзүнүн котормосунда немисче 1885-жылы Лейпцигде жарык көргөн. Ч.Валиханов “Көкөтөйдүн ашын” кара сөз түрүндө которуп, “Жунгария очерктеринде” жарыялаган.

“Манасты” орус тилине которуу иштерине 1930–жылдары көңүл бурула баштаган. “СССР элдеринин эпосу” сериясынан Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча “Манас” эпосунун төрт томдугунун кыргыз-орус тилдеринде чыгышы “Манасты” которуудагы зор маанилүү окуя болгон.

«Манас” эпосунун үзүндүлөрү казак, орус, өзбек, англис, немец ж.б. дүйнөнүн көптөгөн тилдеринде жарык көргөн.

*7-лекция*

## *ТЕМА: Белгилуу манасчылар*

«Манасчылар» — кыргыздын биринчи фольклор изилдөөчүсү К. Рахматуллиндин эмгеги (Фр., 1942). Кыргыз тил, адабият жана тарых илим изилдөө институту даярдаган Кыргыз тилинде. Китеп «Манасчылардын чыгармачылык эмгеги» деген бөлүм менен башталып, мында манасчыларды эл акындарынын өзгөчө бир түркүмү катары карайт жана аны Жапый уулу Тыныбек, Орозбак уулу Сагымбай, Рысменде уулу Акмат, Жаңыбай Кожек уулу өңдүү манасчылардын чыгармачылыгынын үлгүсүндө көрсөтөт. Манасчылар эч качан «Манасты» жаттоо аркылуу эмес, алар үйрөнүү жолу менен манасчы болуп чыгышат, деген ойду айтат жана бардык манасчыларда сюжет негизинен бир багытта өнүгөрүн белгилейт. Эмгекте манасчылар айткан сюжеттердин айырмачылыктары каралат. Биринчиден, идея жана сюжет жагынан бири-бирине карама-каршы турган вариант жок экенин, бардык варианттардын башкы идеясы кыргыз элинин боштондук үчүн күрөшү экендигин көрсөтөт. Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Каралаев уулунун варианттарынын сюжеттериндеги кээ бир айырмачылыктарды салыштырып карайт. Ошондой эле манасчылар арасындагы стилдик жактан айырмачылыктарды эпостогу бир эле эпизодду бир нече манасчылар айткан үзүндүлөрдү келтирип салыштырат да алардын стилдик окшоштуктары жана айырмачылыктары белгиленет. Манасчылардын чыгармачылык ролу боюнча «Манасты» толук айтуучулар жана үзүндүлөрүн гана айтуучулар деп экиге бөлөт. Эмгекте манасчылардын кереметтүү түш көрүү маселесине токтолуп, түш көрүү манасчылардын «Манас» айтып калуусундагы башкы фактор катары карабайт, манасчылардын түш көрүүсүн жокко чыгарбайт, ал «Манас» айтууга болгон ынтызарлыктын натыйжасы деп эсептейт. «Манасты жазып алуу тарыхы» деген бөлүктө өткөн кылымда Ч. Валиханов, В.В. Радловдун эпосту кагазга жазып алуу тарыхына кыскача токтолот жана Октябрь революциясынан кийин эпосту жазып алуу ишинин жүрүшү тууралуу маалымат берет. Китепте Кумар уулу Келдибек, Карбоз уулу Балык, Тыныбек Жапый уулу, Өмүр уулу Чоюке, Орозбак уулу Сагымбай, Карала уулу Саякбай, Тоголок Молдо, Рысменде уулу Шапак, Кожек уулу Жаңыбай, Рысменде уулу Акмат өңдүү кыргыз элин ин белгилүү М-нын өмүрү, манасчылык өнөрү тууралуу баяндама берилет.

Белгилүү манасчылар Балык (Бекмурат) Кумар уулу (болжол менен 1793-1873-жж.)

Келдибек Карбоз уулу (1800-1880-жж.)

Тыныбек Жапый уулу (1846-1902-жж.)

Кенжекара Калча уулу (1859-1929)

Байымбет Абдрахман уулу (Тоголок Молдо) (1860-1942-ж.)

Шапак Рысмендеев (1863-1956-жж.)

Чоюке Өмүр уулу (1880-1925-жж.)

Жаңыбай Кожеков (1869-1942-ж.)

Багыш Сазан уулу (1878-1959-ж.)

Молдобасан Мусулманкулов (1881-1961-ж.)

Ыбрайым Абдрахманов (1888-1967-ж.)

Актан Тыныбек уулу (1888 -1951)

Акмат Рысменде уулу (1891-1966-ж.)

Сагынбай Орозбак уулу (1867-1930-жж.)

Саякбай Каралаев (1894-1971-жж.)

Мамбет Чокмор уулу (1896-1973-ж.)

Шаабай Азизов (1927-2004-ж.)

## *8-ЛЕКЦИЯ*

## *ТЕМА: “Манас” эпосундагы билим беруу,медицина,география.*

Макалада «Манас» эпосу боюнча келечек муунга билим берүү,таалимтарбия маселесине багытталгандыктан, эпостун ага байланышкан урунттуу учурларына токтолдук. Эпос кыргыз элинин жашоосун, турмушун, көркөмдөп сүрөттөгөн өзгөчө эпос. Аны тастыктоо үчүн «Манас» эпосу боюнча түзүлгөн атайы улуттук программа иштеп жатканы тууралуу. «Манастаануу» предметинин билим берүү системасындыгы олуттуу орду аныкталган. Мектеп,орто окуу жайларында, ЖОЖдордогу «Манас» эпосу боюнча түзүлүп, жаткан мамлекеттик предметтик программалар, иш пландары, усулдук көрсөтмөлөр, кээ бир өтүлгөн сабактын үлгүлөрү сунушталат.Ошондой эле «Манас» эпосунун илимий изилдөөдөгү жаңылыктарына, олуттуу көйгөйлөрүнө да кайрылдык. Ушундан улам,«Манас» эпосунун дүйнөлүк деңгээлдеги орду, ЮНЕСКОго кириши камтылды жана эпостогу билим, таалим-тарбия берүү маселелеринин чагылдырылышы тууралуу сабактын болжолдуу үлгүсү берилди. Учурдагы ааламдаштыруу шарты улуттук ыйык рухий нарк-дөөлөттөрдү, бабалардын мурастарынын өрнөктүү жактарын келечек муунга таалим –тарбия берүүдө, билимдерин калыптандырууда олуттуу маани берүүнү талап кылат. Мына ушундай рухий мурастарыбыздын башында «Манас» эпосу турат. Көлөмү жагынан жер шаарындагы эпикалык поэзияда теңдеши жок бул залкар эпос кыргыздын эки миң жылдай аралыктагы басып өткөн жолун көз каранды болбос үчүн,өзүн эл катары сактап калуу үчүн жүргүзгөн күрөшү, башка 2 калктар жана мамлекеттер менен болгон мамилелери гана эмес, чарбасы менен турмуш- тиричилигин, каада-салты менен үрп-адатын, психологиясы менен философиясын, эстетикалык табитин, этикалык жүрүм-турумун, жаратылыш жана коом, география жана астрономия жөнүндөгү түшүнүктөрүн математика менен физикалык кубулуштарын,медицина жана диний көз караштарын,аскердик иштерин,социалдык жана рухий турмуштук толуп жаткан башка жактарын кеңири баяндаган көчмөн элдин керемет кенчи, өзгөчө энциклопедиясы. Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов: «Манас» эпосу «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу»-деп баа бергендиги аны тастыктайт.(1). «Манас» эпосу дүйнөдө көлөмдүү ири дастандардан болуп саналат. Саякбай Каралаевдин вариантында эле жарым миллиондон ашык ыр саптары камтылган. Эпостун

толук тексттин басылмасы эле кырк томдон ашмак. Чындыгында улуу «Манас» эпосу жалпы адамзаттык маанидеги терең мазмунга,көөнөрбөс түбөлүктүү рухий дөөлөттөргө эгедер улуу дастан. Келечек мууга билим, таалим – тарбия берүүдөгү «Манас» эпосунун орду албетте өзгөчө орунда турат. КР Эл мугалими Бектур Исаков: «Манаста» баарыдан мурда элдик педагогиканын кору, уюткусу топтолгон. Ырасында эле «Манас» кылым тарыхынын жандуу күбөсү, таалим-тарбия жаатындагы даанышмандыгынын соолубас кенчи. Ал жүздөгөн жылдар бою кыргыздын урпактары үчүн ар тараптуу инсанды өнүктүрүүнүн программасы, мектеби, окуу китеби катары кызмат кылып келген-дейт. Буга мисал, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы тарбиянын тарыхын өзүнө камтыган залкар мааниси зор, элдин турмушун чагылдырган көркөм энциклопедияга туш болобуз.(7) «Манас» эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү боюнча мамлекеттик коргоонун коомдук мамилелерин жөнгө салуу максатында 2011- жылы 28-июнда Кыргыз Республикасында Мыйзам кабыл алынган. Мыйзамга ылайык, улуу мурасты сактоо,өнүктүрүү, эпостун укуктук статусун бекемдөө, идеялык-тарбиялык, тарыхый-маданий чараларды кабыл алуу сыяктуу мамлекеттик милдеттер белгиленген. Ал милдеттерди ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылдын 31-январында гы №67 токтому 2012-2017 жылдарында «Манас» эпосун сактоо,изилдөө жана кеңири жайылтууга КРнын Улуттук программасын жана иш –чараларынын планын бекиткен. Океандай «Манастын» дүйнөдө теңдеши жок. Мына ушуга мисал келтире кетсек, 2014-жылы ЖК нын депутаты К .Самаковдун жетекчилиги менен 196 мамлекети катышкан илим жана маданият жаатын тейлеген ЮНЕСКОнун каттоосуна киргени «Манас» үчилтиги элибиздин сыймыгы эмеспи. Учурдагы археологиялык, илимий жаңы ачылыштар «Манас» эпосун үйрөтүүдө, билим берүүдө өзгөчө олутуу мааниге ээ. Кытайлык профессор Жаң Юңхай жергиликтүү илимий журналдарынын биринде «Манас-тарыхый инсан» деп маек берген

Дегеле адам баласы табиятынан «менин турмушума караганда баламдын турмушу жакшы болсун» деген тилек менен жашайт.(4) Келечек муунду тарбиялоодо, элибиздин кылымдап сактап келген тарыОкумуштуунун сөзүн дагы бир ырастаган Кытайдан Манастын тарыхый инсан экендигин тастыктаган сүрөттөр табылган. Ал жөнүндө изилдөөчү, тележурналист Темирбек Токтогазиев «Манас» эпосунда айтылган беш Бээжинди же 5 шаарды кыдырып, анан чет Бээжинде же азыркы Лявоян шаарындагы «Батыш дарбазасы» деген жердеги музейде кыргыздар сүрөттөлгөн 6 сүрөт сакталуу. «Кыйла олбурлуу,калпакчан адамдын олтурган элеси түшүрүлгөн сүрөт бар экен. Биз аны Манастын сүрөтү деп болжолдоп жатабыз»,-дейт.

Аталган сүрөттөр берилген түшүндүрмө кайсы бир көөнө тилинде болгон. Анын маанисин түшүнүү үчүн которуунун үстүндө иштеп жатышат. Изилдөөчү Кытай жергесинде жүрүп, кыргыздар өздөрү тууралуу биле элек, уга элек дагы бир топ тарыхый маалыматтарды топтоп келгенин айтат. Эпос боюнча дагы бир кызыктуу жаңылык «Манас» эпосу венгер тилинде которулуп жаткандыгы. Келечекте эпостун котормосу 5 миңден ашык мектептерге таратылат. «Венгер жаштары үчүн «Манас» эпосу кызыгуу жаратат деген ишеничтебиз. Биз атайы презентация уюштуруп коомчулукка жайылтуудабыз» - дейт Венгер парламентинин депутаты Ференц Папчак. Анын айтымында бүгүнкү күндө 20 даана нускасы гана даяр. Китепти Будапеште кыргыз тилинен венгер тилине которгон этнограф – чыгыш таануучу Даут Кара Шомфаи.(14) «Манас» эпосунун дүйнө элдеринин кызыгуу жаратуусу кыргыз эли үчүн өзгөчө сыймык болмокчу. «Манас» кыргыз элинин тарыхы, маданияты, педагогикасы. «Манас» эпосун боюнча бардык билим берүү баскычтарында окутуу үчүн атайын иш пландар, программалар, окуу китептери КР Билим берүү илим министирлиги буйругу менен КББАнын окумуштуулар тарабынан түзүлүүдө. Бүгүнкү күндө ЖОЖдордо атайын «Манастаануу» курстары боюнча лекциялар өтүлүүдө жана кадрлар даярдалууда. Ишенаалы Арабаев атындагы КМУнун алдындагы «Манастаануу» институту атайы адистерди даярдоодо.Ал жөнүндө институттун директору Топчубек Тургуналиев мындай дейт. – Институтубуз адистерди үч багытта даярдайт. Бүткөндөр «Манастаануу» мугалими, экинчиден, элдик оозеки чыгармаларды, Манасты изилдөөчү, кийин колунан келсе окумуштуу болот. Үчүнчүсү, быйыл аспирантура ачтык, беш аспирант кабыл алдык. Алдыда – докторантура ачсак деген ойдобуз. 2011-жылы кабыл алынган «Манас» эпосу жөнүндөгү мыйзамда эпопеябыз - дагы улуу ой, асыл идеяларды кеңири жайылтуу, илимий терең изилдөө, көздүн карегиндей ыйык сактоо негизги мамлекеттик максат-милдет болуп коюлган. Жыл сайын, жок дегенде эки жылда бир, күздүн бир жумасында, бардык окуу жайларда, бардык аймак, айыл-шаарларда «Манас» майрамын өткөрүү максатка ылайык. Ал улуттук оюндар, олимпиадалар, талкуулар менен коштолгон майрам болушу керек. Кеп Кыргызстанда тынымсыз, кеңири жайылган, Улуттук мурас, Улуттук рух – «Манас» аурасын, руханий аба-ырайын түзүүдө болуп жатат деп ой бөлүшөт. Албетте, бул пикирге кошулбай коюуга болбойт. 4 Билим берүү жаатында аздыр –көптүр «Манас» эпосу боюнча иш аракеттер жүргүзүлүп жатат. Кийинки кездерде жаш жеткинчектерди элдик педагогиканын багытында улуттук нукта тарбиялоодо бир топ аракеттер болуп жатканына күбө болуудабыз. Мисалга алсак, кыргыз телекөрсөтүүлөрүндө «Манастаануу» боюнча окуучулар арасындагы

таймаштар, ар бир команданын даярдыгы окуткан мугалими менен бирдикте өз жетишкендиктерин көрсөтүп келет. Бул биринчиден, «Манас» эпосун терең өздөштүрүп үйрөтүү болсо, экинчиден, жаштардын интелектуалдык аң сезиминин өсүшүнө, эл алдында өз оюн тартынбастан ачык айтууга такшалуусун калыптандырат. Бир көрсөтүүдө, команданы таймаш-көрсөтүүгө даярдап алып чыккан мугалим эжейи мындай деген өзүнүн тажрыйбасынан мисал келтирди:- «Мен окуучуларымды ушул мелдешке даярдоо менен «Манас» эпосуна карата болгон билимимди, илимий булактардан, кошумча адабияттардан, интернет булактарынан көп жаңылыктарды таап, өзүмдүн интелектуалдуу деңгээлимди дагы байыта алдым. Анткени биз билбеген көп изилдөөлөр, Манаска байланышкан кызыктуу ачылыштар менен тааныштым. Мындан ары да студенттерим менен бирдикте «Манас» эпосун дагы терең өздөштүрүүгө аракет жасаймын» - деген келечектеги оюу менен бөлүштү. Демек, бул да болсо билим берүү жаатындагы кесиптештерибиздин максаттуу демилгеси жаш муунду тарбиялоодогу алгылыктуу ийгиликке жетишүүсү демекчибиз. Ар бир эле педагог өз предметин терең өздөштүрүп, окуучуну сабакка болгон кызыгуусун арттыра алса болот . Ал үчүн сөзсүз көп убакыт талап кылынат. Биздин билим берүү системабыздагы мугалимдердин эмгек акысынын аздыгы, жашоо шартынын ыңгайсыздыгы сөзсүз бир топ тоскоолдуктарды жаратат.Ошого карабастан өз кесибин калтырбай өздөштүргөн алдыңкы педагогдорубуздун иш тажрыйбаларынан мисал келтирсек болот. Кайсы окуу предмети болбосун турмуштун түрдүү көрүнүштөрүн чагылдырып, билим берүүдө окуучунун кызыгуусун арттырууга, туюу сезимине жеткирүүдө тилдик көркөм каражаттарды пайдалануу менен түшүндүрүү маанилүү экендиги белгилүү. Дал ушул мекенчил менталитет, тагдырды ата журт кызыкчылыгына байлаган патриоттук принцип, эл-журттун эгемендүүлүгүн ыйык санаган улут идеясы бүгүнкү таалим-тарбиянын негизинде жатууга тийиш. Экинчиден. Таалим-тарбиянын пайдубалында турган дагы бир улуу дөөлөт бар. Бул – биримдик, ынтымак. Өзүнүн тарыхый тагдырында кыргыз калкы ички бөлүндүлүктөн, өз ара уруу чабыштарынан далай азап чеккен, бүгүн да трайбализм, жер-жерлерге бөлүнүүчүлүк илдетинен жабыр тартып отурат. Бирок ошондой болсо да, «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», «Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» («Манас») деген патриоттук даанышмандык кыргыз социумунун ички өзөгүн тепчип өткөн дайымкы улут идеясы болуп келген- «Бирдик болбой – тирдик болбойт» Өз ара ыркыбыз кетсе, «Пил да болсок 5 жыгылдык, миң да болсок кырылдык» - деген Бакай акылмандын кейип айканы эске түшөт. (5) Дал ушундан улам кыйын-кезең кырдаалдарда кыргыз калайык-калкы бир жеңден кол, бир

жакадан баш чыгарып, бир туунун алдында биригишип, тарыхтын бороон-чапкындарынан аман-эсен чыккан учурлары көп болгон . Мындай көрүнүштөр кайсы доордо болсо да, тарых барактарында кайталанып келген. Учурдагы эле болуп өткөн «элдик революциянын» сабактарындагы жаштарыбыздын көрсөткөн эрдиктерине көз чаптырсак, өтө өкүнүчтүү жана сыймыктуу пикир жаратат. Ошондой эле дагы бир мисал, Манастагы «кырк чоронун» эрдиги азыркы кыргыз жаштарынын турмушундагы өрнөктүү иштеринин үлгүлүү көрүнүштөрүнө айланууда. Атайы түзүлгөн «кырк чоро» командасы учурдагы коомдук жайлардагы туура эмес көрүнүштөргө тоскоол болуу менен укук коргоо органдарына өз демилгелери менен жардам көрсөтүп келишүүдө. Коомчулукта жаштардын демилгелүү бул кыймылы боюнча ар түрдүү көз караштары айтылууда. Кандай болгон күндө да ал жаштардын демилгесине улуу муундун өкүлдөрүнүн акыл-насааттуу,нарктуу,пикирлери,кийлигишүүсү аркылуу туура багыт берүү зарылчылыгы талап кылына тургандыгы абзел. Кыргыздар Азияда эң бай фольклордук адабиятты, фразеологиялык көркөм сөз тизмектерин,турмуштук мааниси зор макал-лакаптарды жараткан таланттуу калк. Эпосторго бай экендиги жагынан түрк-моңгол калктарынын ичинен бир да калк кыргыздарга тең келе албас . Кайсын Кулиев айткандай: «Кыргызстан – көркөм сөздүн, ырдын, поэзияхый көөнөрбөс көркөм турмушун эске алуу менен аны билим берүүнүн негизи кылып алышыбыз керек.

# 9-ЛЕКЦИЯ

## ТЕМА:Манас изилдоочулор Ч.Валиханов,Ы.Абдрахманов

Мындан 160 жыл мурда 1856-жылдын 26-майында казак элинин чыгаан окумуштуусу Чокон Валиханов Каркыра жайлоосунда Кыргыз элинин “Манас” дастанынын үзүндүсүн жаздырып алган. Ал “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмү болгон.
Ошентип, батыш илимине Чокон Валихановдун жазып алганы аркылуу “Манас” дастаны белгилүү болгон.
Бүгүнкү Тарых барактары берүүбүздө белгилүү окумуштуулар Тынчтыкбек Чоротегин менен Кыяз Молдокасымов “Манас” эпосуна байланыштуу талкууну сунушташат.
“Кыргыз рухунун туу чокусу” аталган “Манас” эпосун эл оозунан жыйнап алуу, кагаз бетине түшүрүү китеп кылып басмадан чыгаруу иши озүнчө бир чоң сабак, үлкөн тарых экенин манас таануучулар белгилеп жүрүшөт.

Борбордук Азиянын билимдүү, чыгаан уулдарынын бири Чокон Валихановдун 19-кылымда эл арасынан Манастын үзүндүсүн жазып алып жатып: “Бул , балким, кагаз бетине түшкөн биринчи кыргыз сөзү(элдик оозеки чыгармачылык маанисинде айтса керек) болуш керек,”- деп белгилеген экен. Балким, ошондойдур, бирок башка да маалыматтар бар экендиги маалым. Көчмөнчүлүк доордун шартында кыргыздар да баардык эле көчмөн калктардай бир жерге отурукташып калган эмес. Ыраакы Чыгыштан Орхон, Эне -Сай, Миң – Суусунан баштап, алыскы Оролго чейинки Гималай тоолорунан,Саян-Алтай тоолорунун, казактын кең талааларын, Теңир-Тоо, Ала-Тоо деп аталган жайлардын ой-кырларында көчүп-конуп, чыгыштан батышка, батыштан чыгышка,түндүктөн түштүккө, туштүктөн түндүккө толкун сымал өөдө- төмөн оошуп жашап келди. Акыры жүрүп,азыркы Кыргызстандын аймагын, Кытай Эл Республикасына караштуу борбору Артыш, Кызыл-Суу облусун биротоло жердеп калган. Ошондой эле тилин,каада- салтын, наркын сактаган насили кыргыз тукуму Тажикистандын Жерге-Талында, Кара-Тегинде, Ооганстандын Памиринде да бар. Ушул аймактарды Улуу Жибек жолу аралап өткөн. Кыргыз эли тээ илгертен жазуусу бар калктар менен аралашып жашап келген. Ушул аралыкта араб, перс, кытай,түрк,орус,европа саякатчылары, тарыхчылары, окумуштуулары келишип, бул аймакта жашаган түркүн түрк калктарынын, анын ичинде кыргыздардын да жашоо-тиричилигин, жер-суусу, маданияты жөнүндө факты, материалдарды чогултушуп, көптөгөн эмгектерди жазышкан, кол жазмаларды калтырышкан. Мисалы: 10-кылымда Орто Азияда болгон географ, акын жана саякатчы Абу Дулафтын 1923- жылы Мешхед

шаарынан табылган кол жазма китебинде кыргыздардын тамак –ашы, диндик жөролгөлөрү жөнүндө кызыктуу маалыматтар бар экендиги белгилүү.

Бизге белгилүү болгон маалыматтар боюнча “Манастын” айрым эпизоддорунун сюжети кагаз бетине 15-к. аягы 16-к. баш чендеринде түшүрүлгөн. Бул аксыкенттик Сайф- ад-диндин “Мажму-ат-таварих” (“Тарыхтардын жыйнагы”) аттуу тажик тилинде жазган кол жазмасы болуп эсептелет. Фольклорчу жана этнограф Сайф- ад-диндин 15-к. аяк жагында башталган бул эмгегинин Нооруз Мухаммед 16-к. башында улантып жазган жана бүтүргөн. Бул эмгек 16-кылымдардын баш чендеринде жазылганын академик А.Б.Бартольд да белгилеген. Илимде бул кол китептин ч нускасы белгилүү. Биринчи кол жазма Ленинград мамлекеттик университетинин китепканасынын Чыгыш бөлүмүндө, экинчиси Россия академиясында Азия элдери институтунун Ленинград бөлүмундө сакталып турат. Жайлообаев Назармат аксакал өткөргөн үчүнчү нускасы Кыргыз Илимдер Академиясынын алдындагы Кол жазмалар фондусунда сакталып турат. “Мажму-ат-таварих” -“Тарыхтардын жыйнагы” парсы-тажик тилинде жазылган. Ушундан улам бул китептин авторлорунун улуту перс же тажик деп божомолдонуп жүрөт. Балким, кыргыз болушу да мүмкүн, мындай пикирлер да бар, себеби Аксыкенти шаары биздин облусубуздун Ала-Бука районун чегинде жайгашкан. Бул шаардын урандылары азыр да бар. Тарыхчы- илимпоз З.Эралиевдин пикири боюнча Аксыкенти 15-к.да чоң шаар болуп, негизги калкы көчмөн кыргыздар болгон. 1968-жылы Академиянын кол жазмалар фондуна өткөргөн Сайф- ад-дин Аксыкентинин жердеши Ала –Букалык Назармат Жайлообай уулунун баласы Ормонбек Сайфаддинди түз эле кыргыз деп жазат: “Сайфаддиндин улуту кыргыз. Акысынын аймагында туулуп, Аксыкент шаарында окуп, ошол жерде кыргыздар жана Манас жөнүндө изилдөө жүргүзүп, китептерди жазган ”. Бул ойду адабиятчы-окумуштуу О.Сооронов да колдойт.

Негизги маселе, “Тарыхтардын жыйнагынын” кыйла бөлүгү кыргыздардын тарыхы, уруу бөлүнүштөрү, Манас баатырдын иш-аракеттери жөнүндо болуп жатат. Мындай тарыхты өз элинин санжыра-тарыхын мыкты билген кыргыз баласы жазышы мүмкүн. Андай болсо эмне үчүн китеп парсы тилинде жазылган деген суроо мыйзам ченемдүү. Анткени, орто кылымда араб, парсы тилдери илим, билимдин тили болгон. Ошон үчүн ал кезде башка элдерге белгилүү болуш үчүн түрк тилинде сүйлөгөн Орто Азиянын окумуштуулары, билимдүүлөр өз эмгектерин көп учурда парсы, араб тилдеринде жазган. Манас жөнүндө баяндаган Сайфаддиндин китеби, анын ички мазмуну төрт жарым кылым бою кыргыздарга белгисиз болуп, кабары чыкпай жүргөн. Советтик идеологиянын кесепетинен Назармат Жайлообай уулу атасы Жайлообайдан мураска калган “Тарыхтардын

жыйнагын” оро казып көмүп, дубалдын ортосуна сактап, 1968-жылы Илимдер Академиясына өткөрүп берген. Ошол боюнча аны которууга эч ким батынган эмес. Өткөн кылымдын 90-жылдарында гана белгилүү окумуштуу О.Сооронов жана Молдо Мамасабыр Досбол уулу экөө парсы тилинен кыргыз тилине которуп, түшүндүрмөсү менен 1996-жылы Бишкектен чыгарышкан жана анда өз ой-пикирлерин билдиришкен. Чыгармада IX-XI кылымдарда болуп өткөн тарыхый окуялар, Чыңгыз хандын, Амир Темирдин туулгандан өлүмүнө чейинки окуялар, уламыштар, Фергана менен Тянь-Шанда жашаган кыргыз, кыпчак уруулары жөнүндө маалыматтар берилген, кыргыздардын “оң” жана “сол” урууларынын кайдан чыкканы, Ак уул, Куу уулга чейинки 20-23 муундн тизмеси берилген. Кыргыз эли Мухаммед пайгамбардын дооруна чейин Кытай чегинде, Енисей аймагында жашап, акырында душмандар тарабынан талкаланып, Өзгөндөгү Султан Санжардын карамагына барып, андан да сокку жеп, Хожент тоолорунда күн кечирип, кийин Ала-Тоону мекендеп калгандыгы айтылат.

Алгачкы кыргыз тарыхчысы Б.Солтоноев 1920-жылы Таластык кишиден жазып алган “Манас баатыр баяны” менен “Мажму-ат-таварихтеги” баян бири-бирине абдан окшош экендиги да кызык табылга. Бул китептен Манас баатырдын, анын атасы Жакыптын, калмак ханы аталаган Жолойдун ж.б. ысымдарын учуратабыз. Булар жомоктук каармандар эмес, чыныгы болгон адамдар катары баяндалат. О.э. эпостун айрым окуялары тарыхта орун алган маалыматтарга кошулуп, аралаш сүрөттөлөт.

Бул китеп эпос жөнүндө так маалымат бербесе да, кол жазма чоң маниге ээ. Мындан “Манастын” 500 жыл мурда эле элге белгилүү чыгарма болгондугун боолголоого болот. Ошол учурларда “Манас” элге кадырлуу чыгарма болгондугу үчүн аталган кол жазманын автору эпостун материалдарына кайрылганында күмөн жок. “Тарыхтардын жыйнагында” Манас кара сөз менен тарыхый инсан катары сүрөттөлүп, анын төрөлүшү, Жакыптын уулу экендиги, баатырдын калмактын ханы Жолой менен болгон көптөгөн салгылашуулары, о.э.чоң согуштун биринде он үч жеринен жарадар болгону, Жолойдун Төбөй деген калмакташып кеткен кыргызды жумшап, Манаска уу бердиргени, Жакыптын Жолойго колго түшкөнү, акыры өз өнөктөштөрүнүн жардамы менен Манастын Жолойду жеңгендиги көрсөтүлөт.

О.э. Манастын Жолой менен салгылашуусу мындайча сүрөтөлөт:
“ Жолой түндө келип кол салды. Көп аскерди кыйратты. Манас ойгонуп, атына минип, найзасын алып, таң атканча урушту. Ошондо миң калмак Манасты ороп алган эле. Манас денесинин он үч жеринен жарадар болду. Манастын кыйкырыгы бирде асманга, бирде жерге жетип турду.” Кызык жери “Манастан” ыр түрүндө алты сап ыр берилген. Кыргызча сапма-сап котормосу:

Манас чыгып майданга,

Душмандарды боздотту.

Жолой Манаска найза сайды,

Манас да найзасын сокту.

Ошондо уруш катуу болду,

Бири-бирине дембе-дем найза сайышты.

Китеп боюнча окуялар Орто Азия аймагыда өтүп, Талас, Каркыра, Ысык-Көл, Ат-Башы ж.б. жерлердин аты аталат. Манас Алтын Ордонун каны-тарыхый инсан Токтомуш кан менен алака катышта болот.

XV-XVI к. ортосунда жазылган “Тарыхтардын жыйнагында” Манастын Таластын башында болушу, кырк жигит күтүшү, Жолой менен болгон урушу, согушта оор жарадар болушу, душмандар тарабынан уулангандыгы тууралуу окуялар IV к. өткөндөн кийинки Сагымбай, Саякбай сыяктуу чоң манасчылардын варианттарында да мерчемдүү сюжеттик сызыктар катары жашайт. Демек, мунун өзү “Манас” эпосунун илгертен бери эле кылымдарды аралап келаткан салттык сюжеттин нугу бар экенин айгинелейт.

Сайфаддин Аксыкентинин “Тарыхтар жыйнагынан” кийин дээрлик үч кылымга жакын аралыкта эпос жөнүндө жазма тарыхый булактар азырынча кездеше элек. XIX кылымдын экинчи жарымында, т.а. 1956-жылдын май айында казак окумуштуусу, тарыхчы, этнограф, фольклор таануучу, саякатчы жана агартуучу Чокан Чингисович Валиханов (1835-1865-ж.ж., азан чакырап коюлган аты Мухаммед-Ханафия) Ысык-Көлгө келет. Омскидеги кадет корпусун бүтүргөн жаш офицер Ч.Валиханов орус экспедициясы менен келип, кыргыздардын арасында эки ай жүрүп, элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрү менен таанышат жана “Манас” эпосун эл оозунан биринчи болуп жазып алып, илимий негиз салууга аракет кылган. Ал негизинен ак таңдай акындар, санжырачылар, ырчы-жомокчулар менен жолугушат. Ошолордун ичинен Телтайдын гана атын атап, ага “феномен” деп баа берген.

Ч.Валиханов жыйнаган фолшьклордук-тарыхый материалдардын ичинен эң маанилүүсү Түп аймагынан белгисиз манасчыдан жазып алган “Көкөтөй хандын ашы” болуп эсептелет. Бул үзүндү 3600 ыр сабынан туруп, араб тамгасы менен 47 беттен турган дептерге жазылган.

Ч.Валиханов Ысык-Көлгө келе жатып, Каркыранын казак тарабындагы “Манастын боз дөбөсү” деген жер менен таанышып, мынтип жазган: “Илгертен калган сөз боюнча калктын эпикалык эң кызык ырында

айтылып жүргөн Эр Манас кара кытайлар менен согушканда ордосун ушул жерге тиккен”,- дейт. Экспедициядан кийин Петербургда сүйлөгөн сөзүндө Чокон: “Манас” поэмасынын 1-бөлүгү болуп саналган “Көкөтөй хандын ашы” деген ырда кыргыз акындарынын айтуусунда жазып алдым. Бул ырды мен орус тилине которуп жатам. Белгисиз жаткан тил менен чыгышты изилдеген окусуштууларды тааныштыруу үчүн кыскача сөздүк түзөйүн деген оюм бар.”

Тилекке каршы Ч.Валиханов 1865-жылы 30 жаш курагында кайтыш болот да, кол жазма дарексиз жоголот. 1964-жылы гана казак илимпозу А.Маргулан борбордук архивдердин биринен тапкан.

Ч. Валиханов кыргыздын залкар дастанын биринчи жолу орус тилинде Россия коомчулугуна кабарлап, жазып алган үзүндүнүн мазмунун кара сөз түрүндө жана кээ бир саптарын ыр түрүндө орус тилине которуп: “”Манас” эпосу бир убакытка келтирилген жана бир адамдын—Манас баатырдын тегерегине топтолгон кыргыз мифтеринин, жомокторунун, ылакаптарынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул талаа “Илиадасы” сыяктуу чыгырма. Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилеси орун алган”,—деп баа берген. Бул котормо Н. И. Веселовскийдин кыскача түшүндүрмөсү менен “О поэма “Манас” в переводе Ч. Валиханова” деген темада 1902-жылы “Новое время” аттуу журналдын №9 санына жарыяланган.

Ч. Валиханов жазып алган “Көкөтөйдүн ашынан” үзүндү:

Алтын ээрдин кашы экен,

Ата-Журттун башы экен,

Күмүш эрдин кашы экен,

Түн түшкөн калың көп ногой

## *Практикалык сабакт*

### *ТЕМА-1: Манас ордо комплекси белгилуу манасчылар суроттогон жерлер*

«Манас» эпосунун жаралыш доору биздин оюбузча эпостун алгачкы сюжеттери 840-жылдардан кийин түзүлө баштаган. Аларда ошол мезгилдеги Эне-Сай кыргыздарынын саясий жактан жогорулап турган доорундагы согуш окуялары баяндалышы мүмкүн. Манас баатыр Орду-Балыкты ээлеген кыргыз каны, аскер башчысынын прототиби болушу ыктымал. Болжол менен Манас» эпосунун биринчи варианты Караханийлердин саясий жактан күчөп турган доорунда, б. а. 11-кылымдын биринчи жарымында түзүлүп бүткөн. Андагы мурунку сюжеттер бара-бара Тянь-Шань аймагында болуп өткөн тарыхый окуялар менен толуктал-ган. «Манас» эпосу Манас өрөөнү жана анын батыш тарабында жашаган кыргыздардын арасында жаралган. Алар менен уйгурлардын ортосундагы карама-каршылыктардын натыйжасында «Манас» эпосундагы Орду-Балык жонундөгү ырлар Бешбалык-Бэйтинге байланыштуу окуялар менен алмаштырылып кетиши мүмкүн. Перс автору Джувейнинин (13-к.) маалыматы боюнча кара кытайлардын гурханы Елюй-Даши 1120-жылдары чыгыштан уйгур Тур-фан княздыгы аркылуу келе жатып кыргыздарга жолуккан, алар катуу каршылык көрсөткөндүктөн Жунгариядагы Эмиль өрөөнүнө келип токтогон. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин гурхан Караханийлердин борбору Баласагунду, Кашкарды ж-а Хотанды каратып алып, кыргыздарга каршы жоокерлерин жиберген. Алар кыргыздарды жана Бешбалыкты жеңип кайтып келишкен. Бул окуя «Мажму ат-таварихте» чагылдырылып калган. Андагы легенда боюнча имам Ибрахим гурханга каршы күрөшкө Тянь-Шань ж-а Ферганада кыргыздардын оң жана сол бөлүгүн уюштурган. Имам өзү 1136-ж. дүйнөдөн кайткан. 13-к-да Ал-малык шаарында (Или өрөөнүндө) жашаган Жамал Каршинин маалыматы боюнча Чыгыш Караханийлердин каганы Ибрахим ибн Ахмед да кара кытайларга каршы согушта шейит болгон Бул «Манас» эпосунда сүрөттөлүп келген кыргыз менен кытайлардын кагылышууларына гурхандын 1120-жылдары Тянь-Шань аймагында жашаган мусулмандарга каршы жасаган жортуулдары негиз болуп калган. Кара кытайлардын О. Азия элдеринин айрыкча кыргыздардын арасына сиңип кетиши да бекеринен эмес. 0. Азиялык автор Абд ар-Раззак Самаркандинин эмгегинде Тимурдун небереси Искендердин 14—15-кылымдардын аралыгында Моголстанга жасаган жортуулу жонундө баяндалган. Андагы маалымат боюнча Искендер Хотандын жана Или өрөөнүндөгү Алмалыктан ондогон сулуу айымдарды, кыргыздар менен Бешбалыктан сүйкүмдүү кыздарды чоң атасына тартууга жиберген. Бул тарыхый факт «Мажму ат-таварих» жазылардан жүз эле жыл мурун кыргыздардын Бешбалык шаарына чектеш жашап турушканын далилдейт. Демек, Эне-Сайдан Тянь-Шань тоолоруна 840-жылдары көчүп келген кыргыздардын негизги массасы Бешбалыктын түн.-батыш тарабын, тактап айтканда Манас өрөөнүн мекендеп калышкан.

«Мажму ат-таварих» м-н «Манас» эпосунун варианттарында моңгол доорунан кийинки тарыхый окуялар, айрыкча кыргыз ж. б. Орто Азия элдеринин калмактарга каршы күрөшү көбүрөөк чагылдырылып, алар мурунку сүрөттөлгөн сюжеттерди сүрүп чыгарышкан. Мындан «Манас» эпосунун мазмуну улам жаңыланып, толукталып тургандыгын, анын башкы каармапы Манас биздин доорго жакындаган

сайын чыныгы тарыхый баатырдын эпикалык каарманга айланып кеткендиги байкалып турат. Жыйынтыктап айтканда «Манас» эпосунун биринчи варианты болжол менен 840-ж. 11-кылымдын аралыгында жаралган. Анын алгачкы сюжеттери тарыхый окуяларга негизделген.

Бирок, алардын мазмуну бара-бара кыргыз менен уйгурлардын, кара кытайлардын Тянь-Шань аймагында болгон кагылышуулардагы фактылар менен алмаштырылган. «Манас» эпосу Манас өрөөнү жана анын батыш тарабында жашаган кыргыздардын арасында жаралган. Андагы Бээжинди Бешбалык шаары менен окшоштурууга тарыхый негиз бар. Кыргыздардын караханийлердин таасири менен мусулман динине өтүшү «Манас» эпосунун маз-мунуна ири өзгөрүштөрдү кийирген. 13-кылымдан кийин Орто Азия моңгол, айрыкча ойрот калмактардын чабуулуна байланыштуу «Манас» эпосунда Эне-Сай кыргыздарынын, караханийлердин жана кара кытайлардын доорундагы сюжеттердин дээрлик бардыгы алмаштырылган. Жогорудагы тарыхый фактылардын негизинде «Манас» эпосун мындан миң жыл мурун жаралган деп айтууга болот.

# ТЕМА-2: “Манас” эпосундагы баатырлырдын суроттолушу

Манас, Алмамбет, Бакай, Каныкей, Сыргак, Чубак, Семетей, Сейтек, Күлчоро – өз элине чексиз берилген, чыдамкай, тапкыч, мекени үчүн жанын берүүгө даяр чыныгы баатырлар. Алар бул сапаттарын эпостун жүрүшүндө иш жүзүндө көп жолу далилдешет.
Эпостогу окуялар жок жерден ойлоп табылбай, чыныгы турмуштан алынып, кыргыз элинин басып өткөн жолун, ар кандай уруулардан куралышын баяндайт. Ага эпостогу төмөндөгү саптар далил:
Ак марал багып уй кылдым
Курама жыйнап эл кылдым
Эпостун сюжети кыргыз элинин турмушунда маанилүү роль ойногон окуяларды чагылдырат. Эпостогу адамдардын табышмактуу ысымдары, шаарлардын, өлкөлөрдүн, элдердин (уруулардын) аталыштары да бекеринен эмес.
Мисалы, ”Чоң казаттагы” Бээжинге болгон жүрүш - бул IX – кылымдагы кыргыздардын уйгурларды жеңгенин эске салат.
Эгер оозеки элдик чыгармачылыкка тиешелүү окуяларда жана аталыштарда апыртмалардын болушун табигый нерсе катары кабыл алсак, анда эпостогу кээде кытайлар, кээде калмактар деп аталып, кыргыздардын негизги душмандары болгон Алооке, Жолой, Эсенхандар тарыхый булактарда калган чыныгы инсандардын прототиптери болушу мүмкүн. Мисалы:
1. Эсенхан (калмакча өз аты Эсен-тайджи) - чынында эле XV-кылымда жунгар (калмак) кошундарын башкарган; 2. Алооке (калмакча өз аты – Аляку) болсо - XVII кылымда жунгарларды жетектеген; 3. Жолой (өз аты Елюй, бирок көпчүлүк түрк тилдеринде кыргыздын ”дж” тыбыштарына ”е” тыбышы туура келгендигин эске алсак "Елюй" - Жолой боуп окулат) Х-кылымдын аягында Түндүк Кытайдан келип, кыргыздарды басып алган монгол уруулары кыдандардын (кара-кытайлардын) жетекчиси болбогон.
Эпосто кыргыздар менен достук алакада болуп, душмандарга жана талар-тоноочуларга каршы чогуу чыгып жүргөн көптөгөн уруулар жана элдер да аталат. Алар кыргыздар менен жакшы мамиледе болгон ойроттор, ногойлор, нойгуттар, катагандар, кыпчактар, аргындар, жедигерлер жана башкалар. Булардын баары кийин казак, өзбек, монгол, тажиктер менен аралашып кетишкен.
Эпосто ар түрдүү фантастикалык персонаждар, мисалы, "тоо жылдырган" – Мадыкан дөө; жалгыз көздүү Малгун; адамча сүйлөгө н канаттуу аттар; сыйкырдуу окуялар, мисалы, Айчүрө ктүн аккууга айланышы, Алмамбеттин аба-ырайын өзгөртү шү; гиперболизмдер (күчөтү п айтуулар), мисалы, сан жеткис аскерлердин 40 күн бою эс албай тынбай жүрүшү , калыңга деп берилген жүз миңдеген малдын,

ага кошуп эсеби жок жапайы айбандардын айдалып келиши, бир эле баатырдын душмандын жүз эле эмес миңдеген жоокерлерин жеңип коюшу ж.б. - көп колдонулат. Булардын баары элдин эгемендиги жана боштондугу үчүн жанын аябаган реалдуу адамдардын өлбөс- өчпөс көркөм образдарын түзүүнүн каражаты катары гана кызмат кылат.
Үчилтиктин биринчи бөлүгүндө Манас аркылуу аскерий демократия жана көчмөн феодалдык коом мезгилиндеги элдик кошундун кол башчысына тиешелүү бардык касиеттерге ээ болгон идеалдуу баатырдын образы берилет. Ушундай образды түзүүдө ар түрдүү композициялык элементтер жана эпитеттер колдонулат. Мисалы: арстан, каблан (леопард), сырттан (гиена), көкжал (карышкыр).
Кээ бир манасчылардын Манаска феодалдык башкаруучунун образын берүү аракеттерине карабастан, эпостун негизги тематикалык жана сюжеттик эпизоддорундо ал - мекендин душмандары менен болгон таймаштарда баатырдыгы үчүн атак-даңкка ээ болгон чыныгы элдик баатыр катары кала берет. Душмандын кошундары менен болгон бардык таймаштар катардагы баатыр-жоокердей салгылашкан Манастын жеке катышуусу менен гана жеңиштүү аяктайт. Манас бийликке өтө умтулбайт. Ошондуктан ал өзүнүн аскер башчылык бийлигин Бээжинде болгон чоң казатта адегенде акылман Бакайга, андан кийин өзүнүн эң жакын чоросу Алмамбет баатырга өткөрүп берет.
Эпостун калган каармандары Манастын образын күчөтүүгө чоң салым кошот. Манастын айкөлдүгүн далилдөө дө анын легендарлуу 40 чоросунун ролу зор. Алардын эң белгилүүлөрү: Кошой менен Бакай сыяктуу акылман аксакалдар жана Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу жаштар. Алар укмуштай күчтүү лүгү жана таймаштагы баатырдыгы, чыңалган достугу жана чабыш маалында бир-бирине жардамга келүүлө рү менен айрымаланышат. Чоролору үчүн Манас - идеал, атак жана даңк, аскерий ураан. Алардын ар биринин алмаштыргыс сапаттары бар. Мисалы, Манас – эч кимде жок алп күчтүн ээси жана улуу стратег; Бакай – өзгөчө баатыр, Манастын жакын жана акылман кеңешчиси; Алмамбет – ата-теги кытай болгонуна карабастан кыргыз эли үчүн ак дилден чыныгы кызмат кылган, энергиялуу, табияттын сырын билген адаттан тышкары баатыр; Сыргак – күч жагынан Алмамбетке тең, чыдамкай жана эпчил баатыр. Ал эми кырк чоро - сан жагынан көп болгон ар кандай душманды талкалоого алы жеткен кошун.
Эпостогу терс каармандар да башкы каармандын артыкчылыктарын белгилөөгө жардам берет. Манастын образына анын негизги душманы, күчтүү , айлакер, ич күйдүлү гү бар Коңурбайдын образы каршы турат. Жолой - айлакерлиги жок, түгөнгүс күчкө ээ, ачкөз адам. Аны Кошой гана жөө күрөштө жеңе алган.
Эпосто аялдардын да эстен чыккыс образдары бар. Алардын ичинде башкы каармандын аялы, мээрман Каныкей айрымаланып турат. Ал -

ак көнүл, чынчыл, мекенин чексиз сүйгөн уулду тарбиялаган эне эле эмес, өз эли үчүн ар кандай жоготууларга даяр, кужурмөн, эмгекчил, колунан көөрү төгүлгөн уз аял. Мисалы, Каныкей баш болгон аялдар кыргыз жоокерлерине ок өтпөс кийимдерди өз колдору менен тигип беришет. Каныкей өтө катуу жаракат алган Манасты айыктырат жана ал саткын тарабынан жарадар болгон кезде өлүмдөн да сактап калат. Эң негизгиси, Каныкей - Манастын эң жакын кеңешчиси.
Семетейдин образы Манаска караганда анча күчтүү болбогону менен, ата-мекенге болгон сүйүүсү, мекенчилдиги жагынан кем калбайт. Мисалы, өз мекенинен четте жүргөнүнө күйүп- бышып, чет элдик баскынчылар менен күрөшөт жана өз мекенин саткан чыккынчылар менен катуу кармашат. "Семетейде" Манастын апасы, Семетейдин чоң энеси - Чыйырдынын, акылман Бакайдын образдары андан ары өнүгүп өрчүп улантылат жана жаңы каарман – мекенчилдиги жана романтикалуулугу менен айрымаланган Айчүрө ктүн – Семетейдин аялынын образы киргизилет. Айчүрө ктүн образына атак-даңкты жакшы көргөн, ар нерседен өз кызыкчылыгын гана издеген Чачыкейдин образы каршы турат. Күлчоронун образы - өз атасы Алмамбеттикине окшоп кетет. Күлчорого бат ачуусу келген, өзүн гана ойлогон чыккынчы жана саткынга айланган Канчоронун образы каршы турат.
Үчилтиктин акыркы бөлүгү "Сейтекте" башкы каарман Сейтек – баскынчылардан өз элин коргогон жана адилеттү үлүк үчүн күрөшкө н тайманбас баатыр катары берилсе, Күлчоро белгилүү акылман Бакайды эске салат, б.а. ал – тайманбас жана эр жүрөк баатыр, башкы каармандын акылман кенешчиси болуп калат. Сейтек кыргыз урууларынын биригишине жетишип, эл үчүн тынч, бакубат турмуш өкүм сүрө баштайт. Эпостун аягында үчилтиктин сүйүктү ү каармандары Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк жана Күлчоро эл менен кош айтышып, көздөн кайым болушат.

# *ТЕМА-3:”Манас” эпосундагы озоктуу окуялар.*

Эгер биз “Манас” термининин айланасында ой жүгүртүп, Манас баатырдын прототибин издей турган болсок, анда эң биринчи кезекте “Манас” эпосунун өзөктүү окуяларын таап, алардын кыргыз тарыхындагы чагылышын анализдешибиз керек.

Окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү Манаста кыргыз тарыхынын 5 доорунун тарыхый окуялары камтылгандыгын мойнуна алышат.

Алар: Биринчи - б.з.ч. VII кылымдан б.з. V кылымына чейинки байыркы көчмөндөрдүн жашоосу. Бул мезгил түркө-монгол элдеринин баатырдык доору болуп, анын натыйжасында баатырдык эпостордун жаралышына шарт түзүлгөн. Манас эпосу да ошол шартта түзүлүшү мүмкүн деген пикир бардыгын жогор жакта айтып өттүк.

Экинчиси – Түрк жана Кыргыз каганттары доору (VI-X кылымдар). Бул доорлордо азаттык үчүн, мамлекеттик үчүн күрөштөр активдүү жүрүп, анын капшабы менен баатырдык эпостордун калыптануусу жаңы этапка өсүп чыккан. “Манас” эпосунун жаралуу доору ушул мезгилде болгон деген пикирди белгилүү окумуштуулардын, илимий манас таануучулардын басымдуу көпчүлүгү жакташат.

Үчүнчүсү – б.з. X кылымынан баштап Улуу Талаадагы саясий үстөмдүк түрк урууларынан, анын ичинде кыргыздардан, монгол тилиндеги урууларга өтө баштаган. Түштүк Сибирдеги бул саясий кырдаалда бир катар түрк элдери, анын ичинде кыргыздар Орто Азияга, Теңир Тоого ооп, жаңы конуштарды ээлеген. X-XII кылымдарда Кыргызстан карахандар дөөлөтүнүн курамында болуп, түрк цивилизациясынын “гүлдөө доорун” салтанаттаган. Бул шартта баатырдык эпостун өнүгүүсү андан ары уланып, анын адабий мүнөзү жакшырган, толукталган.

Төртүнчү доор - XII кылымда кидандардын жапырыгы башталып , аны Чыңгыз хандын коошундары уланткан. Түрк цивилизациясынын гүлдөгөн жетишкендиктерине сокку урулган, түрк этносторунун, анын ичинде кыргыздардын азаптуу, эзилүү мезгили башталган. Бул мезгилде баатырдык эпос, анын ичинде Манас эпосу элдин духун көтөрүүгө, күчтү бириктирүүгө, азаттыкка чыгууга жана мамлекеттүүлүктү калыбына келтирүүгө үндөгөн. Демек, баатырдык эпостун социалдык, гуманитардык жана руханий-тарбиялык мааниси жогорулап, анын стилдик жагы да андан ары өнүккөн. “Манас” эпосунун жаралуу мезгили үчүнчү жана төртүнчү доорго таандык деген божомолдор бир катар изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде учурайт.

Бешинчи - XV—XVIII кылымдардагы калмак жапырыгы менен кармашуу доору баатырдык эпостун мекенчилдик ролун жогорулатып, азаттык үчүн, мамлекеттүүлүктү калыбына келтирүү үчүн болгон күрөштөр “Манас” сыяктуу эпосту биротоло калыптандырып, ага эпопеялык мүнөз берип, элдин өткөн тарыхынынын улуу энциклопедиясына айландырган. Бул мезгил, ошентип “Манас” эпосунун акыркы калыптануу доору болуп калган. Айрым бир окумуштуулар “Манас” эпосу ушул мезгилде жаралып, анын мазмунуна мурунку өткөн окуялар да камтылган деген пикирде.

Негизинен, жогорку келтирилген беш доор тең эпосто чагылып турат деген пикир туура. Бирок, “Манас” эпосунда биринчи кезекте кыргыз элинин башынан өткөн баатырдык доорунун эң ийгиликтүү жана жемиштүү, же кайгылуу мезгилдери чагылган. Андай мезгилдердин алгачкысы биздин заманга чейинки III-I кылымдардагы хунну мезгилиндеги окуялар, кийинкиси VI—IX кылымдардагы Енисей кыргыз кагантынын түптөнүү жана

өнүгүү доорундагы, андан ары IX—X кылымдардагы "Улуу Кыргыз Дөөлөтү", XI-XII кылымдардагы кара-кытайлар менен болгон кармаштар, XIII-XV кылымдардагы монгол жапырыгы менен Моголистан мезгилиндеги окуялар, XVI-XVII кылымдардагы ойрот-жунгар чабуулдары жана кыргыз элинин азаттык күрөштөрүнө байланыштуу тарыхый фактылар эсептелет.

Бул жерде "Манас" эпосундагы сюжет Манас баатырдын тарыхый инсан катары жашап өткөн мезгилинен кийинки гана окуяларды чагылдырып турат деген так кесе пикирден алыс болуу зарыл. Эпостун байыркы пластына Манас баатырдын тарыхый жашап өткөн мезгилинен мурунку кыргыз элинин тарыхындагы "эсте калган" ири окуялар да орун алышы толук мүмкүн. Ошентип, "Манас" дастанынын эпикалык ядросу кыргыз элинин биздин жаманга чейинки III-I кылымдарындагы, кийин айрыкча биздин замандын VI—IX кылымдарындагы тарыхый окуяларга байланышып турат деген пикир илимий жактан туура божомолго кирет деген пикир алгылыктуураак.

Кыргыз элинин башынан өткөн кыйын кезеңдерде, мисалы, көк түрктөр менен болгон айыгышкан кармаштарда (VIII к.), "Улуу Кыргыз дөөлөтүнөн" кийинки башталган кара-кытайлар менен болгон күрөштөр мезгилиндеги алсыроо доорунда (XI-XII кк.) мурунку өткөн окуялар оозеки эпикалык фольклор таризинде кайрадан иштелип, элдин рухун көтөрүүгө мекенчилдикти күчөтүүгө багытталган. Ал эми монгол жапырыгынан кийинки доорлордо, айрыкча калмак-кыргыз согуштарындагы XVI—XVII кылымдардагы көз карандысыздык үчүн күрөш доорлорундагы окуялар калыптанып калган эпостун сюжетин улам күчөтүп, ага катышкан персонаждардын санынын көбөйүүсүнө, окуялардын байыркы пласттарына эл тарыхынын жаңы окуяларын кошуу менен татаалданып олтурган.

"Манас" эпосунун өзөктүү окуяларын иликтөөдө жана анын жаралуу доорун аныктоодо атактуу чыгыш таануучу Л.Н.Гумилевдин "пассионардык" теориясы бир топ жардамын тийгизет (Гумилев Л.Н. Этногенез и биосфера Земли.-М., 1993; Ошол эл автор.Тысячелетие вокруг Каспия.-М.,1993.). Окумуштуунун пикири боюнча IV кылымдын орто ченинде Тынч океанынан келген муссон Улуу Талаага жан киргизип, көчмөндөр жашыл жайыттарга карай тароо менен, саясий ири өзгөрүүлөр башталат. Так ушул мезгилдерге Алтай чөлкөмүндөгү темир иштетүүнүн башталышы чоң таасирин тийгизген. Мурун хунну доорунда темир Тибет менен Кытайдан алынып келинчү. Металл иштетүүнүн башталышы легендарлуу Ашинага таандык болгон. Ошентип, Ашина тукумунан алгач Улуу Түрк каганаты (552-604), анын капталында Енисей Кыргыз каганаты (VII-VIII кк.) пайда болуп, Улуу Талаада болуп көрбөгөндөй саясий өзгөрүүлөр жүргөн. Пассинардык түрткү – элдин тарыхы үчүн жаратылыштагы кургакчылык же суу каптоодой эле мааниси бар көрүнүш. VI-VII кылымдарда Меккадан Японияга чейинки чөлкөмдөрдө элдердин жандануусу ушунчалык күчтүү болгон, натыйжада мурунку уруулук түзүлүшкө негизделген социалдык система кыйрап, анын ордуна жаңы этностор жаңы коомдук түзүлүштү калыптандырып, "эл" системасы кирген. Так ушул мезгилдерге Барс-бектин башкаруу мезгилине тийешелүү Енисей Кыргыз каганатынын коомдук жашоосунун ийгиликтери таандык.

Түрк каганатынын алсыздыгынан пайдаланган Кытай Улуу Талаага үстөмдүк кылганы менен 682-жылы Кутлуг Эльтерес-хан Түрк каганатын кайрадан жандандырган да 745-жылга чейин кытай баскынчылыгынын мизин кайтарып турган. 6 жылдан кийин, тагыраак айтканда 751-жылы Кытай армиясынын Талас салгылашуусунда жеңилишинин тарыхый зор мааниси болгон. Ошол доорлордо Кытай түндүктө кидандардан, түштүктө Тибет хандыгынан да олуттуу сокку жеген. Уйгур каганатынын улам жогорулоосу Кыргыз каганатынын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизип, Улуу Талаадагы тең тайлаш 822-жылдан башталган кыргыз-уйгур согуштарын пайда кылып, ал согуштар 846-жылы Уйгур каганатынын кыргыздар тарабынан биротоло талкаланышына, атүгүл уйгур элинин Түштүк-батышка же Чыгыш Түркстанга карай оошуна алып келген.

Демек, "Манас" эпосундагы өзөктүү окуялар так ушул Улуу Талааны укмуштуудай өзгөрүүлөргө алып келген пассионардык чыңалууга байланыштуу болуп жүрбөсүн. Анткени, пассионардык чыңалуунун Улуу Талаадагы көчмөндөрдүн саясий өнүгүүсүндөгү негизги өзөгү мамлекеттик түптөө жана өз алдынчалык саясий жашоого жетишүү болуп эсептелген. Евразия континентиндеги бардык элдердин тарыхында так ушул негизи өзөк саясий өзгөрүүлөрдүн стержени бойдон калып олтурат. Бул мыйзам ченем кыргыз элинин ошол мезгилдеги тарыхына да тийешелүү. Улуу Талаада "өз ордун таап, өз алдынча түтүн булатууга" умтулган тарыхый инстинкт жогоруда айткандай биздин замандын IV-V кылымдарында башталган этникалык улуу бурулуштун (пассионардык түрткүнүн) таасири менен кыргыз урууларына саясий жактан активдешүүгө алып келди да, VI-IX кылымдардагы Енисей кыргыздарынын тарыхы негизинен өз алдынчалык үчүн күрөштөргө жана мамлекеттикти түптөөгө тикеден-тике байланышып өнүккөн. Ошондуктан басма сөздөрдө жана илимий кеңешмелерде манас таануучулардын көпчүлүгү тарабынан айтылып жүргөн пикир — эпостун негизги идеялык мазмуну кыргыздардын баскынчыларга каршы болгон баатырлык аракеттерине байланыштуу деген пикир чындыкка туура келет.

"Манас" эпосундагы негизги өзөк-идея, ошентип, элди бириктирүү, мамлекет куруу, мекенди коргоо жана аны сактоо, кыргыз жерин кеңейтүү жана өнүктүрүү болуп саналат. Эпостогу окуялар ушул идеянын айланасында өнүгөт. Демек, Манас эпосунун азыркы күнгө чейинки бизге белгилүү варианттарынын баарында төмөнкүлөр өзөктүү окуялар катары камтылган:

Кыргыз элинин тышкы душмандардын соккусунан бөлүнүп-жарылышы. Ногой хандын же Ороздунун он уулунун туш-тушка тарашы, кыргыздардын айрым бөлүгүнүн Ала-Тоодо (Теңир-Тоодо) калып, калгандарынын Ирандан, Тибеттен тартып, Алтай, Сибирге чейин тарап кетиши;

Он уулдун бири Жакыптын Алтайды турукташ, ал жерде Манастын төрөлүшү, балалык чагынын өтүшү;

Манастын өз ата-мекенин издеши, Ала-Тоо, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Фергана өрөөндөрүндөгү алгачкы кармаштар жана кыргыз жерлерин бошото башташы;

Алтайдан Ала-Тоого көчүү;

Манастын Самарканд, Букара, Ургенчке чейинки жортуулдары жана Каныкейге үйлөнүшү;

Көкөтөйдүн ашы жана чоң чатактын башталышы;

Калмактарга каршы чоң казат;

Чоң казаттын жыйынтыгы жана Манастын өлүмү;

Манастын урпактарынын ишмердиги жана кыргыз элин бириктирүүнүн андан ары уланышы.

Манас эпосунун башындагы кыргыздардын бытырандылыкка учурап, баскынчылар тарабынан күч менен ар кайсы жакка таратылып көчүрүлүшү жөнүндөгү окуя (Ороздунун он уулунун таратылышы) кыргыз тарыхынын фактысы катары биздин заманга чейинки мезгилдерде чынында эле болуп өткөн. Окуялар кытай жылнаамаларындагы маалыматтарда кезигет. Анда кытай империясына кызмат кылуудан баш тартып, б.з.ч. 49-жылы хуннулардын шанүйү Чжи-Чжи өзүнүн кошуундары менен Чыгыш Түркстандагы бир катар урууларга, алардын ичинде усундарга каршы жортуул баштагандыгы, аларды өзүнүн кол алдына бириктирүүнү көздөгөндүгү айтылат.

Кызыл өрөөн аталган борбор шаары Ысык-Көлдүн азыркы Түп районунда жайгашкан усундарды, Балхаш көлүнөн түндүк-чыгышка карай созулган аймактарда жашаган угелерди (уйгурларды), алардан түштүк-батышыраак аймактарда жашаган цзянь-кундарды, динлиндерди талкалаган. Динлиндер деп аталган уруулар кадимки Түштүк Сибирь динлиндери эмес. Бул жерде сөз кытай жылнаамаларында жалпысынан динлиндер деп атаган Тянь-Шанды жана анын тоо тармактарын камтыган аймактарда жашаган кыргыздардын бир бөлүгү жөнүндө болуп жатат. Дал ушул батыштагы цзянь-кундардын (кыргыздардын) ээликтерининин ичинде Чжи-Чжи өзүнүн ордосун жайгаштырган (Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер.

Ушул окуядан кийин Чжи-Чжи түштүктү көздөй, усундарга каршы экинчи жортуунун баштайт. Ошол мезгилде Каңгюй уруулар союзу мамлекетинин чет-жакаларында тынчтыкты камсыз кылуу максаты менен коңшу Усун мамлекетине каршы күрөшүүгө Чжи-Чжи башында турган түндүк гунңуларды жардамга чакырган болучу. Натыйжада Чжи-Чжи Талас өрөөнүнө басып кирет. Цзянь-кундардын ээлигинен усундарга карай жортуулда байыркы кыргыз уруулары да Чжи-Чжинин аскерлеринин курамында болгондугу, алар түндүк Тянь-Шандын тоо этектерине жана Талас өрөөнүнө чейин жеткендиги кытай жылнаамаларынан ырасталып турат. Бул жортуул 47—46-жж. кышында болгон. Ушундан кийин жогорку Талас шанүй Чжи-Чжинин ордосу болуп калат да, 10 жылдан кийин, башкача айтканда 36-ж. кытай кол башчылары Чэнь Тань жана Гань Янь-шоу тарабынан талкаланган. Бул окуялар цзянь-кундардын (кыргыздардын) бир бөлүгүнүн батышта (башкача айтканда Таласта) мекендеп калышына себеп болгон. Бул фактыны биздин замандын III к. ортосу ченге жакын мезгилге таандык кытай булагы Вэйлио да белгилейт. Келтирилген фактылар байыркы кыргыздардын эки бутакка бөлүнүп кеткендигин, алардын көпчүлүк бөлүгү Енисейди ,экинчиси Тянь-Шань аймагында отурукташып, азыркы Кыргызстанды алгачкы мекендеген бөлүгүн түзгөндүгүн ишенимдүү көрсөтүп турат.

Эгер биз азыркы кыргыз тарыхнаамасындагы кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан сактар жана усундар кыргыздардын азыркы Кыргызстандын аймактарында жашаган эзелки ата-бабалары катары кабыл алынып келе жаткан илимий корутундуларды олуттуу түрдө эске ала турган болсок Манас эпосундагы Ороздунун он уулунун туш-тарапка таралышы сактардын, усундардын хунну уруулары менен чабыштары жүргөн биздин эрага чейинки IV-I кылымдардагы саясий окуяларды чагылдырып турат деп санашыбыз эп.

Жогоруда аталган тизимдеги өзөктүү окуялардын экинчиси кыргыздардын бир бөлүгүнүн Алтайдагы жашоосу жана андан кийин мурунку ата-мекени болуп саналган Ала-Тоону кайрадан ээлөө жана кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн болгон жортуулдар болуп саналат. Демек, Манастын, же болбосо Манастай кайсыл бир кыргыз баатырынын же кол башчысынын жашаган доорун издөөнүн ачкычы так ушул өзөктүү окуяны иликтөөдө турат деген божомол туура болуусу мүмкүн.

Эпостун сюжетинде Манас баатыр эресеге жеткенде терең ойго батып, алыстагы Ала-Тоо мекени, ар кай жерде андаалап калган ак калпак кыргыз эли жөнүндө күнү-түнү толгонуп, тынч алып уйку ала албай, сарсанаага батат. "Жердеп турат жеримди, ээлеп турат элимди, Текес менен Алооке, кетирип турат кебимди", деп намысынан ичи өрттөнөт. Акыры кайра жаачу булуттай, каар бетине айланып: "ак асаба, кызыл туу, аягын жерге сайбасам, асабасын жайбасам, атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Тоо, Алтайда калбай албасам" – деп так кесе бир чечимге бекийт деп жазылат эпостун кара сөз түрүндө. Элди жыйып, Манас Ала-Тоо мекенибизге кетпесек болбойт, алтымыш уруу журтубуз жыйылбаса болбойт. "Энеден не деп тубамын, эрлердин жолун кууамын, эзелки жерим албасам, эс алып кантип сууамын" – дейт. Чоң жыйынга чогулгандар дуулдашып, хан Манас кебин бир ооздон макул табышат.

Ошентип, кыргыздардын жашоо турмушу, анын ичиндеги өзгөчө мурунку ата-мекени болуп саналган Ала-Тоону кайрадан ээлөө жана кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү аракеттери кыргыз элинин б.з. VI-IX кылымдарындагы тарыхый окуяларын чагылдырат. Так ушул доордо кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү максатында жортуулдар уюштурулуп, ал жүрүштөр кыргыз элинин байыркы мекени болгон Ала-Тоого, Теңир-Тоого карата багытталган. Бул окуяларда азыркы кыргыз тарыхнаамасында уламдан-улам тастыкталып келе жаткан кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан илимий гипотезалар жатат. Кыргыз элинин түпкү куралышы Туранияда (Мавереннагрдан Алтайга чейинки мейкиндик, анын ичинде Теңир Тоонун айланасы) башталып, саясий кырдаалдарга байланыштуу биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыктын III кылымдарында Чыгыш Түркстандан жогорку Боро-Хоро тоо кыркалары ченде мамлекет куруп, биздин замандын VI-IX кылымдарында Түштүк Сибирде жана Алтайда кыргыз мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүп, X кылымдардан баштап акырындык менен мурунку ата-мекенине кайтып, ал жердеги эски кыргыздар жана башка түрк урууларын кошуп алуу менен XVI кылымдын башы ченде биротоло Ала-Тоону мекендеп калган деген тыянактын түпкү мазмунунда Манастагы мурунку ата-мекени болуп саналган Ала-Тоону кайрадан ээлөө жана кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү идеясы чагылып турат деген ойдобуз.

Кыргыз элинин экинчи чачырашы жогорку айтылган окуялардан миң жылдан кийин X кылымдын баш ченинде кара кытайлардын (кидан) кыргыздардын Енисей тараптагы бөлүгүнүн мамлекеттүүлүгүн (Улуу Кыргыз державасы) бузган чабуулу менен кайрадан кайталанган. Күчтүү Кыргыз дөөлөтүнүн бирдигин бузган кара кытайлардын чабуулуна байланыштуу элдин өмүрүндөгү мындай эң оор кезең эл эсинде калып кыргыз душманы ушундан кийин эң биринчи кезекте "кара кытай", "кытай" деп атала баштайт. X кылымдан тартып кыргыздар башынан кечирген унутулгус тарыхый окуялар, XII–XШ кылымдарда моңголдордун үстөмдүгүнө каршы кыргыздардын төрт жолу көтөрүлүш чыгарышы,андан кийин ойроттордун, калмактардын, манжуулардын эзүүсүнө каршы күрөштөр ошентип эпосто кеңири чагылдырылган. Демек, кыргыздардын эсинде көбүрөөк сакталган соңку жоо – жуңгарлар (калмактар) менен күрөш болгондуктан, алар жөнүндөгү окуялар эпостон көбүрөөк орун алып, андан мурунку окуялар менен аралашып кеткен.

## *Медицинага байланыштуу суроттолгон эпизодтор*

Медицина илимин ата-бабаларыбыз илгертен эле аздектеп, өнүктүрүп келишкени «Манас» эпосу аркылуу бизге жетип олтурат. Азыркы аскердик талаа медицинанын үлгүлөрү мындан эки миң жыл мурда эле кыргызда болгондугун «Манас» дастаны тастыктайт. Согуштан тыныгуу учурунда жарадарларга көрсөтүлгөн медициналык жардам, дары-дармектер, медициналык аспаптар, хирургиялык операциялар, башкы дарыгерлер, колдонулуучу материалдар эпосто кеңири сүрөттөлөт. Ошондой эле «Манас» эпосунда трансплантация жөнүндө да айтылган. Эпосто жарадарларга көрсөтүлгөн медициналык жардам, дарыдармектер, медициналык аспаптар, хирургиялык операциялар сүрөттөлгөн. Демек кыргыз трансплантация илимине – 2000 жыл толот.

Эпостогу медицинаны гана эмес, элдик анатомиялык түшүнүктөрдү, элдик дарыгерлер катары салттуу медицинаны билишкен Бакайдын, Каныкейдин, Момунжандын адамдарды дарылоо, эмдөө өзгөчөлүктөрү болгон. «Манас» эпосундагы элдик медицина боюнча маалыматтар С.Орозбаков, С.Каралаев, Жусуп Мамай, Тоголок Молдо айткан варианттарында бар.  Кыргыз элинин салттуу медицинасы колдонулган жалпы ооруларды, дарттарды төмөндөгүдөй типтерге ажыратса болот: төрөө жана аял ооруулары; балдар оорууларын; сезгенүү оорууларын; муун жана кол аяк оорууларын; ичеги-карын оорууларын; өпкө оорууларын; баш оорууларын; тери-шишик оорууларын; келте, кара тумоо (тиф); безгек калтыратма (малярия); ички оорууларын; көз оорууларын; тиш оорууларын; кара жама (цынга); тамак ооруларын; жылан жана кара курт чагуу; суук тийүү; сынуулар, ордунан чыгуулар; шал оорууларын; жин оорууларын; талма (эпилепсия). Мына ушул оорулардын жана дарттардын бир кыйласы «Манас» эпосунда жана башка фольклордук чыгармаларда кездешет. «Манас» эпосунда кеңири колдонулган тармак – элдик хирургия. Жалпыга белгилүү согуш болгондон кийин жоокерлерге ок тиет, найза, кылыч тиет, бул болсо кишинин өлүмүн же оор-жеңил ар кандай жаратын пайда кылат. Ал эми согуш талаасында жаралуу аскерди таштап кетүү кыргыз элинин салтында болгон эмес. Аны айыктырып кайрадан колдун арасына кошуу керек, же өтө эле болбой турган болсо артка – тылга жиберүү керек. Мына ушундай учурда ар бир кыргыз аскери биринчи жардам берүүнү билген. Манастын жары Каныкей сарамжалдуулук менен кырк чоронун ар бирине жарадар болсо жардам көрсөтүүчү буюмдарды куржунуна камдап салып узаткан. Мына ошолордун ичинде түтөк болгондо жардам берчү, ок тийгенде кереги тийген буюмдар болгон. Кол ичинде атайын кийинки санитар врачтар сыяктуу адистер да даярдалган. Эпостун текстине караганда жараны, ириңдеген жерди тилип, тазалоочу аштар, бузулган канды сордуруп таштоочу картык деген медициналык жөнөкөй аспаптар кездешет. Алардын жардамы менен денедеги кан айлануу процесси калыбына келген, дене табынан жогорулашынын, гангренанын алдын алынган. Ал эми бир топ татаал аспап – тинтүүр. Анын жасалыш технологиясы биз үчүн табышмак. Атына караганда ал аспап менен жаанын огунун, же найзанын денеде калган сыныгынын кайсыл жерде жатканы аныкталган, аны менен ошол осколканы акырындап копшутуп отуруп ордунан чыгарып жиберген. Бул аспапты баары эле иштете албайт, өтө кылдаттыкты талап кылган бул жумушту анча-мынча адамдар гана аткарышкан. Дагы бир аспап – шимшүүр. Ал да атына ылайык денедеги ок чыкпай калганда, ал адамга дагы бир ок жуткуруган да аябай окшуткан, анан шимшүүр менен копшошуп, акырындап тилип алышкан. «Манастагы» хирургиялык аспаптар: аштар,

тинтүүр, сапсалга, бычак, картык, оңко, искек. Булардын ар биринин өз-өзүнчө функциялары болгон. «Манас» эпосундагы айтылган айрым дарылардын касиети, колдонулушу азыр эми бизге белгисиз бойдон калды, алардын катарына төмөнкүлөр бар: эбеп, себеп, медет, азиз, калдыркан жалбырак, куну дары, нуш дары, кайнатма кара дары, кантемир дары, кырма кызыл дары, ийсең, жуушаң, чар дары, катырма кара дары, апы-сапы. Жер астынан археологиялык изилдөөлөрдө табылган эне-сайлык кыргыздар тарабынан колдонулган жана «Манас» эпосунда да кездешкен кыргыз эмчилигинде колдонулган буюмдар катары төмөнкү дарыгерчилик аспаптар бар.

## *ТЕМА-4: Кыргыздардын Ала-Тоодон Алтайга сурулушу*

**Кыргыздардын чабылып-чачылышы ("Манас" эпосунун сюжети)** — Ногойдун балдары Ороздуу, Үсөн, Бай, Жакыпты кытайлар (эпосто кытай, кара кытай, калмак, кара калмак аралаш айтыла берет жана алар көпчүлүк учурда бир этноним катары түшүнүлөт. Бул белги жеке эле Сагымбай Орозбаковдун вариантында гана эмес, манасчылардын бардыгына мүнөздүү) туш-тушка бөлүп кетет. Өлгөн аталаш агасы Чыйырдын Шакан аттуу катынын алган Жакып манжу калкына айдалып барып, Бөйөндүн уулу Чаян дегендин кызы Бакдөөлөттү токолдукка алат.

Баатырдын тегине удаа берилген кара сөз түрүндөгү бул кыска маалымат кийинки окуяларга байланыштуу, айрыкча калмактар менен алгачкы кармашында жер коруган калмактардан эр өлүп калганына кейиген атасынан тегин сураган Манаска берген Жакыптын жообунда, Бай менен Жакып жолугушкандагы эскерүү сөздөрдө алда канча кеңейтилет: Жакыптын атасы Ногой кан көп жерге бийлиги жетип, жоолорунун мизин кайтарып турат. Ногойдун көзү өткөн соң анын балдары «Эл кадырын биле албай Эндейиңки турганда» (Сагымбай Орозбаков, 1. 117), Эсенкандын элүү жүз миң колу келип кыргын салып, элди чаап, Ногойдун балдарын туш-тушка таратып, бөлүп жиберет. Алтайга айдалып келген Жакып Бөйөн, Чаян дегендерге малай жүрөт, кызматы жаккандыктан Чаян кызы Бакдөөлөттү ага токолдукка берет.

Кыргыздын күчтүү жоодон жеңилип, чабылып-чачылышы Саякбай Каралаевдин вариантында деталдаштырылган кеңири мүнөздөгү окуя түрүндө берилген: атагы алыска кеткен мыкты кан Каракандын көзү өткөндө кытайдын Молто, Алооке аттуу кандары көп кол менен келип

кыргыздарды чаап алып, Каракандын балдарын чогуу туруусу кооптуу деп туш-тушка бөлүп жиберишет. Кырк үйлүү тууганадары менен Жакып Алтайга айдалат. Сүрүлүп баргандар ар кимдерге жалданып, кен казып, эгин айдап жан багышат. Алтыны алты там болуп, малы эсепсиз көбөйүп Жакып бай болот. Радлов жазып алган вариантта кыргыздардын чабылышы жөнүндөгү маалыматтар берилбесе да бул эпизодду чыгарманын сюжетинде эпостун башкы темасы менен идеясына түздөн-түз тиешеси бар, өзгөчө орчундуу, мурдатан келе жаткан туруктуу деталдардын бири дешке негиз бар. Анткени, *«Мажму аттаварихте»* эле кыргыз калмак кармашы эскерилет. Айрыкча өткөн кылымда Ч. Валиханов, В. В. Радлов кагаз бетине түшүргөн материалдарда Манас туула электе кыргыздар эпикалык күчтүү душманы кытай-калмактардан жеңилип, кордук көргөндүгү жөнүндөгү кабар-маалыматтар көп кездешет.

Чыгарманын сюжеттик курулушунун талаптарына ылайык кыргыздардын чабылып-чачылыш окуялары баатыр баланын төрөлүшүн даярдоочу атайын белгилердин биринен. Эл башына кыйын күн түшкөндө элин оор абалдан куткара турган баатырдын турмушка келиши түрдүү элдердин оозеки чыгармаларында, айрыкча баатырдык эпостордо кеңири учураган салттык белги. Баатырдын кысталыш учур, кыйын шартта төрөлүшү кыргыздардын «Манастан» башка эпосторунда да кеңири айтылат.

Кыргыздардын күчтүү жоодон жеңилип, Жакыптын Алтайга айдалып барышы эпостун дээрлик бардык варианттарында жолуккан туруктуу салттык окуя. Белгилүү манасчылардын ичинен Багыш Сазановдун варианты боюнча гана бул окуя башкача өнүгөт: Ороздукандын он уулунун улуусу Ормон, кичүүсү — Жакып. Жакып жарды болуп, агасы Байга жалданып иштеп жүрөт. Ал 21 жашка чыкканда Кызырга жолугуп, анын кеңеши боюнча эгин айдап, эгинин сатып эсепсиз байыйт. Аксак боз кемпирдин кызы Чыйырдыга, Айдаркандын кызы Акдөөлөткө үйлөнөт. Эл чогулуп, Жакыпты кан көтөрүшөт. Бул варианттагы кийинки окуялар салттык нукта өтөт, башкача айтканда өзү бай бирок баласыз Жакыптын зары баяндалат.

Эсенкандын Манас аттуу баланы издеткени — баатыр баланын төрөлө тургандыгы жөнүндө алдын ала кабар берүүчү белгилик милдетти аткарган салттык мотивдердин бири. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча буруттан Манас деген баатыр туулуп, ал кийин элиңди чаап алат деген аярларынын эскертүүсүнөн улам Эсенкан Манас аттуу баланы таап келгиле деп көп балбандарын жөнөтөт. Алар эл кыдырып сурамжылап издеп жүрүшүп, Самаркандык Чоң эшендин Жарманас аттуу 17 жаштагы уулун кармап келишет. Жарманасты орго салып, коркунучтуу душманыбыздан кутулдук дешип кытайлар чоң той берип, бейкапар жатып калышат.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында жана Радлов жазып алган вариантта мындай окуя жок, Өзүнчө окуя түрүндө башка белгилүү манасчыларда да учурабайт. Бирок, эпизодду жалгыз гана Саякбай Каралаевдин вариантына таандык көрүнүш катары эсептөөгө болбойт, көптөгөн белгилер боюнча бул эпостогу белгилүү жана салттык туруктуу окуя. Анткени, баатыр туула электе эле анын душмандары өзүлөрү үчүн коркунучтуу жоонун турмушка келерин билип, алдын ала сактануунун аракетин көрүү жөө жомоктордо, эпостордо көп жолугуучу, кеңири иштелип чыккан сюжеттерден. Бул мотив кээде болочок баатырды али күч-кубатка толо элек жаш кезинде жоготууга аракеттенүү түрүндө да жолугат. Мындай кеңири белгилүү мотивдин «Манаста» да орун алышы табигый көрүнүш. Окуя деталдаштырылып кеңири берилбегени менен айрым манасчылардын варианттарында эскерилет: ТМВда Жакып Алтайга сүрүлүп келгенге чейинки окуя катары айтылат: Манас төрөлөрдөн элүү жыл мурун эле кытай билгичтери кура ачып, Манас аттуу өзүлөрүнө коркунучтуу бала тууларын билишип, көп кол курап келип, кыргыздарды чаап алышып, элди бүт каатка салып тыңдарын бириндетип бөлүп, алымды катуу алып, бооз катындардын ичин жарып баласын өлтүрүп, элди өзгөчө катуу эзип турушат. Ушул алааматта Жакып 70 үйлүү адамы менен Алтайга айдалат. Эпизод Сагымбай Орозбаковдун вариантында да белгилүү дешке негиз бар. Анткени, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас өзү үчүн жапа чеккен Жарманаска карындашы Карлыгачты алып бериши айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында да Манастын карындашы Карлыгачтын күйөөсү Жарманас делет. Буга караганда да бул эпизод белгилүү. Жарманас Карадөө уулу делип, ашка чакырылган белгилүү кандардын арасында Радлов жазып алган вариантта эскерилет. Демек, Жарманас эпостогу мурдатан келе жаткан образдардын бири.

# ТЕМА-5: Манастын торолушу жана бала чагы. Баланын ден соологуна турпаты суроттолгон жери.

**Манастын туулушу жана балалык чагы** — эпостун башталыш окуяларын камтып турган чоң эпизод, чыгармадагы туруктуу салттык окуялардын бири. Адатта баатырдын теги жөнүндөгү маалыматтардан башталып, Манас эр жеткенге чейинки окуяларды бүт баяндайт. Көптөгөн маалыматтардан, майда окуялардан турат. Аларды мазмунуна карай шарттуу түрдө ар бирин өзүнчө атоого болот. Мисалы, баатырдын теги, күчтүү жоодон жеңилген кыргыздардын чабылып-чачылышы, баласы жок Жакыптын зары, жана башкалар

Бөлүм «Манастын» белгилүү тексттеринин дээрлик бардыгында бар. Булар бир манасчыда түрдүүчө аталышы жана камтыган окуялары ар башка болушу мүмкүн: Радлов жазып алган вариантта «Манастын туулганы» — деп аталып, эпостун биринчи окуясы катары белгиленген. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча тема башка аталганы менен окуянын жалпы нугу жана мазмуну негизинен салттык түрдө берилген.

Манас ар мүчөсү адамдан башка жотолуу, күчү денесине сыйбаган балбан, жандуудан жазганбаган баатыр, айтканынан кайтпаган бек бала болуп чоңоёт. Күч-кубаты боюна сыйбаган Манас жанда жок тентек чыгат: бала көрүнсө тегерегине жыят, мазарды көрсө ыйык дебей кыят.

## *ТЕМА-6: “Манас” эпос кинодо жана сурот онорундо*

**Кино жана «Манас»**. Искусствонун башка түрлөрү менен катар «Манас» эпосу кино өнөрүнүн өнүгүшүнө да өз таасирин тийгизип келүүдө. Бул залкар эпос улуттук жаш кино өнөрүнүн тарыхында бир топ даректүү тасмаларды жаратууга себепкер болгон. Кыргыз киносунун тарыхындагы эң алгачкы көркөм фильм жаратуу аракети да «Манас» эпосуна байланыштуу. 1941-ж. Алматынын киностудиясында (сценарийи Ж. Бөкөнбаев менен К. Исаев) *«Манастын уулу Семетей»* деген көркөм тасманы тартууга аракет жасалган. Болочок фильмдин режиссёрлору Г. Раппопорт менен А. Куттубаев болгон. Тилекке каршы бул ой оор шартка байланыштуу иш жүзүнө ашпай каган. 1962-ж. «Манас» эпосуна арналган эки бөлүктөн турган *«Улуу эпос»* деген тасма (сценарийи М. Байжиевдики, режиссёр — коюучусу Л. Турусбекова, оператору М. Туратбеков) тартылган. «Манас» эпосуна кызыгуулар жыл сайын артып, ар кыл пландагы даректүү тасмалар жарала баштаган.

Таланттуу манасчы Саякбай Карала уулуна арналган *«Манасчы»* аттуу даректүү фильмди (режиссёр Б. Шамшиев) тарткан (операторлору Б. Борбиев, Р. Петров). Ушул эле теманы режиссёр М. Убукеев үч бөлүктөн турган *«Саякбай Каралаев»* (1962) аттуу атайын тасмасында, ошондой эле 1988-ж. жарык көргөн *«Улуу манасчы»* (кенже режиссёру С. Токтоналиев, режиссёрдун жардамчысы У. Жукеев, кинооператорлору М. Туратбеков, Б. Алыбаев, сүрөтчүлөрү Ж. Касымалиев, А. Төрөбеков, композитору Б. Макеев) аттуу жети бөлүктөн турган толук метраждуу тасмасында уланткан. Кыргыз кино ишмерлери көркөм фильмдерди жаратууда да «Манас» эпосуна кайрылып, аны чыгармачылык менен пайдаланып келе жатышат. Кинорежиссёр Т. Океев «Кызыл алма» (1975, сценарийи Ч. Айтматов, Э. Лындина, Т. Океевдики, оператору К. Орозалиев, сүрөтчүсү Д. Жумабаев, композитору Ш. Калош), «Ак илбирстин тукуму» (1984, сценарийи М. Байжиев менен Т. Океевдики, оператору Н. Борбиев, композитору М. Бегалиев, сүрөтчүсү А. Макаров) көркөм тасмаларында «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү фильмге киргизип, кошумча драматургиялык материал катары пайдаланат. Өзгөчө эки бөлүктөн турган «Ак илбирстин тукуму» аттуу эпикалык фильминде Сайкал апанын (артист А. Жангорозова) «Манас» эпосунан үзүндүлөр аткарышы зор таасир калтырат. Б. Шамшиевдин «Бөрү зынданы» (сценарийи Б. Шамшиев, Е. Абишевдики, кинооператору М. Мусаев, сүрөтчүлөрү Д. Касымалиев, Э. Салиев) аттуу эки бөлүктөн турган тасмасында «Манас» эпосунан пайдаланылган чакан эпизодду да эскере кетсек болот. Кинорежиссёр В. Карагулов өзүнүн алгачкы көркөм тасмасы «Айдагы жез кемпир»

(1985, сценарийи А. Жакыпбековдуку, оператору М. Мусаев, сүрөтчүсү А. Макаров, композитору В. Киселев) аттуу фильминде да «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү орундуу пайдаланган. Натыйжада фильмдин идеялык мазмуну байыган. 1980-ж. тартылган «*Жаш манасчылар»* (оператору С. Макекадыров, сценарийи Б. Сарыгуловдуку) даректүү фильминде режиссёр Р. Байтемиров эпосту пропагандалоо, улам кийинки урпактардан манасчылык өнөрдү улантуу маселелерине кайрылган.